Кулчун Рахманов



# Эненин
# АМАНАТЫ



Чыгармачылык өнөр кандай пайда болот деген суроого биринчиден шык, талант болсо турмуштагы оош-кыйыш окуяларды сезим туйумунда калчай билип ага жооп таба билсе ошондо гана анын жаралаарына жол ачылат десек туура болоор. Журналист Кулчун Рахманов да кийинки жылдардан бери өз дараметине жараша изденип республикалык, обулустук басма сөздөр менен байланышта болуп, чакан аңгемелерин, новеллаларын басма сөз беттерине жарыялап келет. Кулчун Рахманов 1959-жылы Ат-Башы районундагы Казыбек айылында туулган. Он жылдыкты ийгиликтүү аяктагандан кийин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп, андан соң Республикалык маданий агартуу окуу жайын аяктап педагогдук кызматта эмгектенип, ошол эле учурда «Асаба» жана «Ысык-Көл» оттору гезиттеринде эмгектенип, Кыргыз Мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүргөн. 1994-жылы «Гүл жана элес» аттуу биринчи чакан китепчеси чыккан. Автордун азыркы чыгармасы экинчи китеби. Мында адам баласындагы ар кыл тагдырлар, жаштардын ортосундагы келишпестик, эне-баланын мамилеси дараметине жараша чагылдырылган.

Эмесе ак жол сага Кулчун!

*М. Орозакунов журналист*

## ЭНЕНИН АМАНАТЫ

Ошол түнү улуп уңшуган албуут шамал үй түбүндөгү жалгыз теректин жалбырактарын чар тарапка учуруп жыланачтап жатты. Үлпүлдөгөн алсыз жарык араң эле шоолалап, чакан бөлмөгө жарык кылалбаганына ардыккансыйт.

Түнкү дүйнө. Эне жалгыз. Төшөк тартып жатып калганына бүгүн эки аптача болуп калды. Кээде көкүрөк тушу сайгылашып, көөнү айныйт. Маңдайында ыш баскан кара чырактын жарыгын эш тутуп, үлпүлдөп өчүп баратканын өз өмүрүнө салыштырат. Атаганат, көрсө өмүр да ушул сыңары тура. Кечээ эле очор-бачар болуп үйү ырыскынын очогу эмес беле. Бул жалганда армансыз көзүм өтүп, артымдагы туяктарым «апакелеп» бөйрөктөрүн таяна өкүрүп арбагымды агартбайт беле — деген тилеги таш каап, айласыз калаарын ким билиптир?

Көр оокат үчүн абышкасы Асан экөөнүн жыйган тергени уулу Табылды үчүн эмес беле. Бири кем дүйнө дегениң ушул тура. Ал да туурунан эрте учту. Турмушундагы каргашалуу эки жылт этип өткөн закымды кудай пендесине бербесин. Салый эне ушинтип ойлоду. Барган сайын башы лукулдап ооруп, кара терге түштү. Ууз жыттанган бала жытын эңседи. Жүрөгү шала-шала тилинип үшкүрүгү таш жарат. Бир оокумда ооруган жерлери басылып, көзү сүзүлө кандайдыр бир жан жыргаткан жашыл ааламга сапар тартып бара жаткансыды. Көз алдына качандыр бир ошол ааламдан өткөргөн өмүрүнүн издерин көрдү.

Анда өмүрлүк жары Асан алдан-күчтөн тайя элек учуру. «Эки бакыр бир тукур» болуп оокат кылгандарына он жылдан ашса да бири-бирине үйүрүлүп түшүп, сыйлашкандары менен, ортодо кандайдыр бир мээни эзген санаанын кулдары болушаар эле. Анан узун түндө ой сүрүп «Кана кимибизден? Бере турган кудай бизге сыртын салдыбы? Андай мындай дегенибиз менен мүчөбүз толук. Же бирибиз майып болбосок» дешип ар кимиси самсаалаган санаага алдырып түн баласында жөргөмүштүн тар желесине илинип, жан далбас кылган чымындай өксүп чыгышаар эле. Алар үчүн келе турган түн кандайдыр бир коркунучту алып келчүдөй сезилчү.

Кээ учурда ысык бойтоңдоп ойноп жүргөн кошунанын балдарын көргөндө ичтери ысып, ууз жыттанган жытынан кумарлана жыттагылары келишкени менен, ортону кандайдыр бир нерсе тосуп тургандай сезилчү. Анан кантишсин, мындай учурларда кошуналары да саксактап балдарын көп жолото беришчү эмес. Бир ирээт Ак-Талаанын тескейиндеги эки ата өтүшкөн синдилерине барып келүүнү туура көрдү. Аны да абышкасы экөө кеңешип, ылайыгын табышкан. Деген менен түпөйүл ойдун туткуну болбой коюшкан жок. «Барганда эле бере коюшабы? Өз кандарынан жаралган балдарын кол жоолук катары алмаштырып ийүүгө диттери деле барбаса керек.»

Берген күндө деле ич оору болбой коюшпайт. Ошентсе да эртеңки күнү бала бото болуп береби. Баарынан коркунучтуусу көргөн билгендин уу сөзү. Эртең эле эрезеге жетсе бирөө болбосо бирөө «Сен тегиңди билесиңби? Алар кайда? Таап албайсыңбы» — деген ызалуу кекеткен сөздөрдү укса не болот? Андайда чүнчүгөн бала сөзсүз суроо салып, «Мени кайдан алдыңар эле? Кайдан?» — деп сурабай койбойт деп ким айта алат? Деги ушундай жүрөк ууланткан ойлордон арыла албай эне жүрөгү өзүнчө эле коопсунуп туруп алды. Бирок, акыл калчашып акыры тобокелдикке барышты.

Ошол эле күнү жол тосуп түш оой тоо түбүндөгү айылга жетип барды. Шатыра шатман үй ичи күлкүгө

## ЭНЕНИН АМАНАТЫ

Ошол түнү улуп уңшуган албуут шамал үй түбүндөгү жалгыз теректин жалбырактарын чар тарапка учуруп жыланачтап жатты. Үлпүлдөгөн алсыз жарык араң эле шоолалап, чакан бөлмөгө жарык кылалбаганына ардыккансыйт.

Түнкү дүйнө. Эне жалгыз. Төшөк тартып жатып калганына бүгүн эки аптача болуп калды. Кээде көкүрөк тушу сайгылашып, көөнү айныйт. Маңдайында ыш баскан кара чырактын жарыгын эш тутуп, үлпүлдөп өчүп бараткан өз өмүрүнө салыштырат. Атаганат, көрсө өмүр да ушул сыңары тура. Кечээ эле очорбачар болуп үйү ырыскынын очогу эмес беле. Бул жалганда армансыз көзүм өтүп, артымдагы туяктарым «апакелеп» бөйрөктөрүн таяна өкүрүп арбагымды агартбайт беле — деген тилеги таш каап, айласыз калаарын ким билиптир?

Көр оокат үчүн абышкасы Асан экөөнүн жыйган тергени уулу Табылды үчүн эмес беле. Бири кем дүйнө дегениң ушул тура. Ал да туурунан эрте учту. Турмушундагы каргашалуу эки жылт этип өткөн закымды кудай пендесине бербесин. Салый эне ушинтип ойлоду. Барган сайын башы лукулдап ооруп, кара терге түштү. Ууз жыттанган бала жытын эңседи. Жүрөгү шала-шала тилинип үшкүрүгү таш жарат. Бир оокумда ооруган жерлери басылып, көзү сүзүлө кандайдыр бир жан жыргаткан жашыл ааламга сапар тартып бара жаткансыды. Көз алдына качандыр бир ошол ааламдан өткөргөн өмүрүнүн издерин көрдү.

Анда өмүрлүк жары Асан алдан-күчтөн тайя элек учуру. «Эки бакыр бир тукур» болуп оокат кылгандарына он жылдан ашса да бири-бирине үйүрүлүп түшүп, сыйлашкандары менен, ортодо кандайдыр бир мээни эзген санаанын кулдары болушаар эле. Анан узун түндө ой сүрүп «Кана кимибизден? Бере турган кудай бизге сыртын салдыбы? Андай мындай дегенибиз менен мүчөбүз толук. Же бирибиз майып болбосок» дешип ар кимиси самсаалаган санаага алдырып түн баласында жөргөмүштүн тар желесине илинип, жан далбас кылган чымындай өксүп чыгышаар эле. Алар үчүн келе турган түн кандайдыр бир коркунучту алып келчүдөй сезилчү.

Кээ учурда ысык бойтоңдоп ойноп жүргөн кошунанын балдарын көргөндө ичтери ысып, ууз жыттанган жытынан кумарлана жыттагылары келишкени менен, ортону кандайдыр бир нерсе тосуп тургандай сезилчү. Анан кантишсин, мындай учурларда кошуналары да саксактап балдарын көп жолото беришчү эмес. Бир ирээт Ак-Талаанын тескейиндеги эки ата өтүшкөн сиңдилерине барып келүүнү туура көрдү. Аны да абышкасы экөө кеңешип, ылайыгын табышкан. Деген менен түпөйүл ойдун туткуну болбой коюшкан жок. «Барганда эле бере коюшабы? Өз кандарынан жаралган балдарын кол жоолук катары алмаштырып ийүүгө диттери деле барбаса керек.»

Берген күндө деле ич оору болбой коюшпайт. Ошентсе да эртеңки күнү бала бото болуп береби. Баарынан коркунучтуусу көргөн билгендин уу сөзү. Эртең эле эрезеге жетсе бирөө болбосо бирөө «Сен тегиңди билесиңби? Алар кайда? Таап албайсыңбы» — деген ызалуу кекеткен сөздөрдү укса не болот? Андайда чүнчүгөн бала сөзсүз суроо салып, «Мени кайдан алдыңар эле? Кайдан?» — деп сурабай койбойт деп ким айта алат? Деги ушундай жүрөк ууланткан ойлордон арыла албай эне жүрөгү өзүнчө эле коопсунуп туруп алды. Бирок, акыл калчашып акыры тобокелдикке барышты.

Ошол эле күнү жол тосуп түш оой тоо түбүндөгү айылга жетип барды. Шатыра шатман үй ичи күлкүгө

## ЭНЕНИН АМАНАТЫ

Ошол түнү улуп уңшуган албуут шамал үй түбүндөгү жалгыз теректин жалбырактарын чар тарапка учуруп жылаңачтап жатты. Үлпүлдөгөн алсыз жарык араң эле шоолалап, чакан бөлмөгө жарык кылалбаганына ардыккансыйт.

Түнкү дүйнө. Эне жалгыз. Төшөк тартып жатып калганына бүгүн эки аптача болуп калды. Кээде көкүрөк тушу сайгылашып, көөнү айныйт. Маңдайында ыш баскан кара чырактын жарыгын эш тутуп, үлпүлдөп өчүп баратканын өз өмүрүнө салыштырат. Атаганат, көрсө өмүр да ушул сыңары тура. Кечээ эле очорбачар болуп үйү ырыскынын очогу эмес беле. Бул жалганда армансыз көзүм өтүп, артымдагы туяктарым «апакелеп» бөйрөктөрүн таяна өкүрүп арбагымды агартбайт беле — деген тилеги таш каап, айласыз калаарын ким билиптир?

Көр оокат үчүн абышкасы Асан экөөнүн жыйган тергени уулу Табылды үчүн эмес беле. Бири кем дүйнө дегениң ушул тура. Ал да туурунан эрте учту. Турмушундагы каргашалуу эки жылт этип өткөн закымды кудай пендесине бербесин. Салый эне ушинтип ойлоду. Барган сайын башы лукулдап ооруп, кара терге түштү. Ууз жыттанган бала жытын эңседи. Жүрөгү шала-шала тилинип үшкүрүгү таш жарат. Бир оокумда ооруган жерлери басылып, көзү сүзүлө кандайдыр бир жан жыргаткан жашыл ааламга сапар тартып бара жаткансыды. Көз алдына качандыр бир ошол ааламдан өткөргөн өмүрүнүн издерин көрдү.

Анда өмүрлүк жары Асан алдан-күчтөн тайя элек учуру. «Эки бакыр бир тукур» болуп оокат кылгандарына он жылдан ашса да бири-бирине үйүрүлүп түшүп, сыйлашкандары менен, ортодо кандайдыр бир мээни эзген санаанын кулдары болушаар эле. Анан узун түндө ой сүрүп «Кана кимибизден? Бере турган кудай бизге сыртын салдыбы? Андай мындай дегенибиз менен мүчөбүз толук. Же бирибиз майып болбосок» дешип ар кимиси самсаалаган санаага алдырып түн баласында жөргөмүштүн тар желесине илинип, жан далбас кылган чымындай өксүп чыгышаар эле. Алар үчүн келе турган түн кандайдыр бир коркунучту алып келчүдөй сезилчү.

Кээ учурда ысык бойтоңдоп ойноп жүргөн кошунанын балдарын көргөндө ичтери ысып, ууз жыттанган жытынан кумарлана жыттагылары келишкени менен, ортону кандайдыр бир нерсе тосуп тургандай сезилчү. Анан кантишсин, мындай учурларда кошуналары да саксактап балдарын көп жолото беришчү эмес. Бир ирээт Ак-Талаанын тескейиндеги эки ата өтүшкөн сиңдилерине барып келүүнү туура көрдү. Аны да абышкасы экөө кеңешип, ылайыгын табышкан. Деген менен түпөйүл ойдун туткуну болбой коюшкан жок. «Барганда эле бере коюшабы? Өз кандарынан жаралган балдарын кол жоолук катары алмаштырып ийүүгө диттери деле барбаса керек.»

Берген күндө деле ич оору болбой коюшпайт. Ошентсе да эртеңки күнү бала бото болуп береби. Баарынан коркунучтуусу көргөн билгендин уу сөзү. Эртең эле эрезеге жетсе бирөө болбосо бирөө «Сен тегиңди билесиңби? Алар кайда? Таап албайсыңбы» — деген ызалуу кекеткен сөздөрдү укса не болот? Андайда чүнчүгөн бала сөзсүз суроо салып, «Мени кайдан алдыңар эле? Кайдан?» — деп сурабай койбойт деп ким айта алат? Деги ушундай жүрөк зуланткан ойлордон арыла албай эне жүрөгү өзүнчө эле коопсунуп туруп алды. Бирок, акыл калчашып акыры тобокелдикке барышты.

Ошол эле күнү жол тосуп түш оой тоо түбүндөгү айылга жетип барды. Шатыра шатман үй ичи күлкүгө

толуп түшкү тамакты ичип жатышкан экен. Синдиси Гүлбайра: — Келиңиз. Кайдан? Жездемдин дени сакпы?

— Ырас, эптеп эл катарыбыз.

— Анча эмне аңдайтпай келип калдыңыз?... Деги жайчылыкпы?

— Жөн эле көптөн бери кабарыңар билинбей кеткенинен учурашайын дедим эле — деген Салый үшкүрүнүп дасторконго жакындады. Дасторкон тегеректеген чыт курсак балдарга жакындай бергенде кандайдыр бир денесин көшүткөн жагымдуу бир илеп, жан дүйнөсүн жыргатып бара жатты. Эңиле ар биринин жүзүнөн сүйүп узакка жыттагысы келди. Антсе да кандай ойдо калат дегенсип өз боюн аяр кармады. Баятан бери ар бир кыймылына серп салып отурган синдиси аңдабай түшүндүбү... — силер тигил үйгө ойногулачы — деп балдарын чоң үйгө киргизип жиберди. «Ушул. Ушуну көрмөкмүн. Көрсө баарын жаземдебей түшүнгөн тура» — деп каңырыгы түтөй түштү. Мурун киргенден тартып эле көзү балдардан өтүп бараткан көргөн синдиси не деп айтаарын билбей, эптеп кыйпычыктап сөзүмдү айтаардан мурун эмне максат менен келгенимди түшүнүп жообун кайрып койду го?» — деп түтөй түшүп ичинен билдирбегени менен көзүнүн кычыктарында жашы мөлтүрөп турду:

— Эже эмне болду? Жашыңыз тегерене түштү.

— Балам сагынычтыкы го. Жездең эле барып кел дегенинен, келдим эле. Баса эсиме жара чыккыр, келген машинага да сүйлөшүп койбодум беле. Өтөөр маалы болуп калды. Кой турайын.

Атаганат тамак ичсеңер болот эле. Балдардын бирин узатып кой дейин десем, аздан кийин күйөө балаңыз инилериникине алып жөнөгөнү жатат.

— Аа, алдыңа, жөн эле кой. Шашылыш келдим эле. Жездең да талаада жумушта. Кайтайын — деп, эшикке чыгып жөнөдү. Синдисинин акыркы коштошкон сөзүн да уккан жок. Кулагы чуулдап, көөдөнү мууна артына кайрылбай: «Мен туубас, куубаш көр

дүйнөнүн шылдыңы болдум го. Кай жеримден сага жаздым жараткан? Тирүүнүн өлүгү эмегенде эми киммин?» деп эки ийни солкулдап жол бою ыйлап бара жатты.

Кеч шашкеде үйүнө жетти. Курулай үмүткө канат байлап, отурган абышкасы алыстан эле аялынын түрүн көргөндө көзү тунарып, өксүп жатты. Андан бир ооз да кеп сурабай, атын токуп тоо тарапка аттанып кетти. Кыялында көксөбөгөн нерсеси калган жок. Анткени менен дүйнөнүн, закымдын убагында алдамчы, таш боор экенин тээ көкүрөк түпкүрүндө армандуу обонго кошуп, күңгүрөндү. Дале түпкүрүнөн түңүлбөй канаттуу үмүткө бел байлады. «Качан эми? Чыныгы Кудай берээриң, болсо бербейсиңби?» — деп өзүнө өзү собол таштай анан көкүрөгүнөн көксөп күйүт баскан ургаачысын аяй кетти.

Бир жолу кошунасынын баласы тапырап короого ойноп кирип келди. Салыйдын жүрөгү туйлап бирөө көрүп койчудай элеңдеп, баланы өзүнө тартып алкымынан шуу жыттап алды. Ошондо бир денеси көшүлүп жыргай түштү. Тез эле колунан жетелеп үйүнө киргизип жиберди. Кийин бал тилдүү бала балдырап баарын айтып койгонбу, тигилер да сыртын салып, баланы жолотпой баскан изин аңдып калышты. Чын эле тийиштикпи бир кечте коңшусу Алмагүл:

«Өлүгүңдү гана көрөйүн. Көрсөң көзү тим эле Көкүнүмдөн өтүп барат. Туубас неме өгүнү илебин искеп койгонбу, чымырттап көзүгүп калыптыр. Көзүнө көр топурак» деп алкына айткан. Ошол сөздү укканда бирөө төбөгө таяк менен тартып ийгенсип Салый тегеренип отура калган. Көкүрөгү өрттөнүп ичи сыйрылды. Ачуу жашка муунуп, жүрөк түпкүрүндө ботосун издеген боз ингендей муңканып жатты. Ошол күндөн тартып өмүр көчүндө, жарасындагы картты сыйрып алгансып жүрдү. Күндөрдүн ачуу зыркаары аны чыйрыктыра берди. Аялынын мындай түрүн көргөн Асан айласын таппай далбастайт.

Чын эле жаашоонун экөөнө берген ырыскысынан куру калгандарына өзөктөрү өрттөнөт. Жашоо күрөшүн-

дө болгон аракетин көрүп, Салыйдын көрүнбөгөн бакшысы, сыйынбаган мазары калбады. Дале болсо куруган үмүттөн түңүлбөдү. Кээде алдамчы кыялдардын туткунуна арбалып, Асан тоо түбүндөгү жалгыз үйүндө курсагы чедирейген наристесин эркелетип, атына өңөрө «Эй көрдүңөрбү! Бул менин уулум. Экөөбүз тоого мал айдап бара жатабыз. Ушул жаманга батаңарды берип койгула. Тоюн түшүрүп ырымдатам» деп алакан жая бата сурайт. Бирок, бул убактылуу эле кыялдануу тура. Жанагы ак тилекке арбаган ойлору бир заматта айнектин сыныгындай быркырап шалдайып отуруп калат. Өмүр энсөөгө, үмүткө бел байлатып кээде шакабалап басынтат экен. «Эмнебизден сага жаздык? Кай жерден жакпадык? Же бул жашоодо ала турган өчүң бар беле. Аны да алып жатасың» деген. Ушундай күдөр үзгөн кокнардай санаа экөөнү тең кемирип баратты.

## 2

Мезгил күзгө таяп калган. Түнкүсүн карандай суук болуп, эрте келчү кыштан кабар бергенсийт. Ошондой бир түндө тоого мал айдап жеткирген Асан үйүнө кайтып келе жатты. Тору аттын өз басыгына коюп, терең ойго алдырып жиберген экен. Ана, бирин-серин айыл оттору көрүнө баштады. Айылга көтөрүлчү сокмо жол менен кыялап чыгып барат. Ушу тапта кандайдыр бир үнду эшиткенсиди. Жакшылап тыңшады. Ырас эле баланын үнү. Адегенде жүрөгү болкулдап кандайдыр бир коркунучтан сестене түшсө, бара-бара өзүнө келип, тобокел деп ошол тарапка бастырды. Анткени бала күндөн ар кубулган албарсты, жин шайтандар тууралуу көп уккан. Баарына кайыл болуп бастырып жетти. Айыл башындагы аңчанын түбүндө агарган нерсеге оролуп бир нерсе жатыптыр. Аттан секирип түшүп колуна ала койду. Этинин жылуусу кача элек жаңы туулган бала, ак шейшепке оролуп жатыптыр.

«Ээ кудай, чын көрдүмбү же төгүнбү?» деп мууну бошой сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди. Чепкенин чечип,

кайыга түшкөн баланы ороп, атын жетелей үйүнө басты. Үйүнө кирип барып уктабай отурган аялына болгон сүйүнүчүн айтып, баланы этегине сала койду. Чексиз сүйүнүчтөн үрбөң-дарбаң болушуп, аскарбашыл бабедин чалып, көшүлгөн наристеге үйүрүлө түшүп тапырап кирген кошуналарына жалынып-жалбара, колдо бар ашын жайнатышып узатып жатышты. Ал түнү таңды таң аткыча үйдүн жарыгы өчкөн жок. Алигиге чейин кыз сындуу, аркар эмчегинин үрпүн, таап алган уулунун оймоктой оозуна сала денеси балкып, сүтү чыкпаса да бир келген бактысына Салый жыргап жатты. Ооба, биринчи жолу «эне» деген ыйык наамды ошондо алгач ирeет тутуп отурду. Өмүрдүн арабасы кылдырап өз жолунда. Кечээги эле таттуу тили балдыраган Табылды бой тиреп өсүп келе жатты. «Ээ, ушунусуна да шүгүр» деп койгону менен, көп учурда күдүктөнгөн ойлордон арыла албады. Анан бир түнү түшүндө ээн адырларды аралап уулун ээрчитип жүрүптүр. Аңгыча кайдан-жайдан белгисиз бир ажаан аял атырылып чыгып, колунан баланы жулуп алды. «Ташта, ташта эле ташта. Туубасам да тутунган балам» деп артынан чуркап бара жатты. Чочуп ойгонсо түшү экен. Жүрөгү лакылдап, таңдайы кургап калыптыр.

Кантсе да абышкасынын көңүл жубатканына карабай, кандайдыр бир кыжаалаттыкта калды. Сапар тарткан турналардай күндөр куушуп өтүп, турмуш өз нугунда. Кеч бешимде колуна эки барак кагазын кармаган Табылды үйгө кирип келди.

— Эне бүгүн мен мектепти аяктап жетилүү аттестатын колума алдым. Эки үч күндөн кийин Нарынга окууга жөнөйүн деп жатам. Кандай дейсиз? — деп энесине жадырай карады.

— Аа, алдына кетейин, ошент. Биртике тапкан тергенибиздин баары сеники эмеспи. Кой жөн отурбай камкашегимди көрөйүн — деп оордунан тура жөнөдү. Кечкисин бышкан тамактын үстүндө кеп кеңеш курушуп, койун-колтуктарынан чыгарбай жүрүшкөн уулу алыска узаарын укканда экөөнүн тең жүрөгү

тызылдаганы менен, «Кой көпчүлүктөн калып көңүл оору болбосун» дешип эртеси жол боюна узатып барышып, биринчи эле келген автобуска салып жиберишти. Улам алыстап бара жаткан ата-энесинин караандарын айнектен көргөн уулу терең ойго чөмүлдү да калды. Алгач ирээт үйүнөн алыстап бара жатса да, алдыдагы тилеги чети оюла элек максатына канат байлап, үмүттөндүрүп койду.

4

Эне суусады. Жаткан ордунан сүйрөлө түшүп, чакадагы жармадан ичти. Оорубаган жери жок. Ошенгсе да күңүрт айнекке келип сыртка тигилди. Дале шамал улуп, теректи шакаба кылгандай жыланачтап жаткан экен. Анан баягы бир жылдардагы ушул теректи отургузушканын эстеди. Анда бейиши болгурлар чалы менен уулу тирүү кездери. Жаз менен абышкасы бир теректин көчөтүн алып келиптир. Уулу кубанып жанында жүрөт. Арыдан-бери отургузушуп уулун маңдайынан сүйө:

— Көрдүнбү бул сенин терегиң. Муну мал-салдан коруп жакшы бак. Бул деле сендей жаш көчөт эмеспи — деп, анан кейий:

— Кап, элдин артында барып калганымды кара. Болгону үч көчөт калыптыр. Экөөнүн тамыры куурап калган тура. Мейли эми — деп, кейий кеткен. Мына ошол терек ушул. Көрсө төлгө кылганбы... Ошол учурду эстеп, ичинен кара кан өтүп кетти. Эми ал терек сымал жалгыз. Жада калса үйүнүн төрүн чаңдатып ойночу жалгыз уулунун уулуна да бул үйдөн тагдыр буюрбаптыр. Аны да тартып кетишти. Эне шалдырады. Көз алдынан ошол бактылуу күндөрдүн сүртүмдөрү кайрадан чубады.

5

Көөдөй караңгы түн. Аны-мунусун жайгарып жаңы эле жатканга кам урушкан. Эшиктин алдына «дыр» этип машина келип токтоду. Кабинасы каңк этип жа-

былып, үпүр-дүпүр кишилер түшүп, үйгө карай басышты. Жарыктан уулунун бактылуу бешенесин көрүп, кандайдыр бир сүйүнүчтү ала келгенин жаземдебей түшүндү. Күүлдөп теңтуштары колуктуну жетелеп кирип келишти. Далбастап эне эмне кылаарын билбей башындагы жоолугун бет алдында суйсалып турган мончоктой кызга сала койду. Ошентип шаан-шөкөттүү күндөр өтө берди. Күз оой неберелүү болушту.

Болпойуп бешенеси арткан наристе чукуранып уйкуда. Түн бир маалында болсо да келинин аяп ойгонгон наристесинин алдын кургактагандан тажабайт. Үйүнө кут конгонуна жетине албай миң мертебе кудайга жалынып, ошол небереси төрөлгөн түнү абышкасы экөө түн бир маалында эшикке чыгышты. Седептей жаркыраган жылдыздар асман бетине толуп, үй түбүндөгү жалгыз теректин шоодай боюнун төбөсүнө алтын казык жаркырап, жакшылыктын жышаанынан кабар берип тургансыды. Жорткон желге бариктери шыбырап, түнкү дүйнөгө сүйүнүчү айтып, жар салып тургандай сезилди.

«Кудая тобо, көрсөң тиги жылдызды. Терек башына орноп калганын. Бул ырыскынын үйгө агылып киргенинин белгиси тура» дешип жакшылыкка жоруп коюшкан. Кайран күндөр. Көрсө өзүнүн сүйүнүчүн бир гана учурда тартуулап, анан кайра алып кетет тура. Эми ал учур кайталанмак беле. Илгертпей келчү каргашалуу күн күздүн бир жаанчыл айында болду. Эртең менен чай үстүндө Табылды энесине:

— Апа, бүгүн түш оой тоого туз жүктөйм. Атамды кошо ала кетейин. Учурдан пайдаланып неберeңиз Алымды, ырымдатчу тайды сала келейин — деди. Негедир түнү боюу жаман түш көрүп чабалактап уктабаган эне:

— Барбай эле койсоңорчу? Жаан да күчөп, жол тайгактап турат — дей бергенде абышкасы:

— Ээ байбиче, түшүң түлкүнүн богу. Уулум экөөбүз тез эле барып келебиз — деди жайдаңдай. Машина дүрүлдөп ата-бала жөнөп кетишти. Ал күнү шайы кар-

магансып кечке араң эле жүрдү. Эрте эле келип калабыз дешкен ата-баладан алигиге чейин кабар жок. Экинчи күн дегенде «Салый эне сизди колхоздун конторуна чакырып жатат» деген чабарман жигит келди. Жүрөгү алда немени сезгендей, буту тушалып калгансып араң эле жетти. Жете бергенде эле топ кишини көрүп, арасынан Камка байбичеге жакындады. Баары эле өз ара күбүр-шыбыр болушуп күнөөлүү немедей буттары менен жер чукушат. Көзү караңгылап «Айланайындар деги жакшылыкпы? Табышмактатпай айткылачы» — дей бергенде: «Кайрат кыл Салый абышкаң менен уулуң туурунан учушуптур» деген Камка байбиче колтуктай калды.

«Жок андай эмес» деп бир чаңырып алды да, көөдөнү жашка муунуп, көкүрөк түпкүрүндө үзүл-кесил бир муңканган обонду кошуп көр тунгуюкка түшүп бара жаткансыды. Эки күндөн кийин айыл четиндеги көрүстөндө дөмпөйгөн эки жаңы мүрзө пайда болду.

## 6

Ар күнү таңда четиндеги жалгыз теректүү үйдөн туйгундарын жоктогон армандуу кошок чыгат. Жалдырап небереси Алымды астына алып отуруп калды. Күндө бир маал небересин ээрчитип, мезгилинен эрте карыган кемпир көрүстөнгө жол тартып арбактарга багыштап куран окуйт. Уул, абышкасы авариядан каза таап кыркын өткөргөн күнү, Эки-Нарындын башынан кудагыйы келип мелтейе суроо салды «Кудагый, өлгөндүн артынан кошо өлө албайт экенбиз. Өлүм кары жашты да тандабайт тура. Кызымдын кебетесин көрдүңүз. Жыгачтай катып бара жатат. Жол сурап келдим. Башын ачыңыз. Сүйүн менин сиз сыяктуу эле жалгызым. Өмүрдүн акыркы күндөрүндө кашымда болсун» — деди. Салый үндөбөдү. Көкүрөк учун мыжыган кайгылуу санаа, ансыз деле мүлжүп бүткөн эле. Ортодо жымжырттык өкүм сүрүп убакыт уурдалып барат. Ошо тапта кудагыйы «Бул чын эле бербей койобу?» деп күдүктүү ойлордон арыла албады. Салый келинине тигилди.

Башын төмөн салган келин унчукпады. «Атаганат көр дүйнө. Карасаң бирөөнө таба болуп турганын. Кара ашы түшө электе капталдан чапчып турганын кара. Эмне кылам? Жок эми булар мени өлтүрүп кана көмүп кетишсин» деген чечимге келди. Жедеп жашка жедирген кызыл көзү менен кудагыйын ата тиктеди. Тиги мындай көз караштан көзүн ала качып кетти. Бул тапта экөөнүн көз карашын баамдап отурган келини, акыры бир бүтүмгө келдиби тамагын кыра:

— Апа, кенедейимден колуңузга келдим. Ырас, жамандык көрбөдүм. Атам экөөңөр өз балаңардай бөпөлөдүңөр. Бирок көргө буту салаңдап турган энемдин жанында болбосом болбойт го? — дей бергенде: — Караңгүн, караңгүн! Табылды менен Асан бүгүн кайра өлгөн тура. Үйүмдүн туйгундары туурунан учкандан кийин көрөрүм ушул беле, — деп ийди.

Тегерек чет чогулуп канча аракет кылса да кудагыйы кулак какпай койду. Түш оой кызын жетелеп жолго түштү. «Ээ, маңдайга жазганын көрдүм. Туяктын артындагы туягын бапестеп өстүрсөм болду» деп мөгдөгөнү менен, белин бекем бууп ошону медер тутуп калганына кайрат кылды.

## 7

Жай саратан. Эп эткен жел болбой кургакчылык болуп, суу тартыш. Эшик алдындагы терек да куурай баштаган. Абышкасы тирүү кезинде бутап кандыра сугарып тураар эле. Эми ага ким кайрат? Өзү кайгыдан көзү шоролонуп чөгүп калды. Үйүндө көр оокат менен алек болгон эне, түш оой эки чакасын көтөрө сууга жөнөдү. Алымын ээрчитип алайын десе төмөнгө балдар менен ойноп кетиптир. Нечендеген ойлорго алдырып, эки чака суусун толтурду да үйүн көздөй жөнөдү. Ошо тапта эдиреңдеп алдынан чуркап чыккан алты жашар кошунанын баласы:

— Салый эне. Биз тетиги мектептин жанындагы бактарда ойноп жүргөнбүз. Анан бир машина катуу келип биздин жаныбызга токтоп, Алымды ыйлаткан бойдон салып кетти—дей бергенде:

— Катыгүн, катыгүн. Эмне дейт?—деп бир бакырып алды. Кимдир бирөө күч менен түртүп жибергенсип колундагы чакалары ыргып кетти. Көзү карангылай түшүп, бир азда эс алып, анан тиги бала менен ошол тарапты көздөй чуркады. Жетип келишсе алыста чаң ызгыткан машине кетип бара жаткан экен. Тегеренип жерге отура калды да өксүп жиберди. Көз ылдый жашы томолонуп арык моюнуна кирип жатты.

8

Ошол күнү топ бала мектептин жанындагы бакта ойноп жүрүштү. Аңгыча чаң ызгыткан машине аларга жете бербей токтоду. Машиненин ичиндеги жаш келиндин көзү топ балдардан анча алыс эмес ойноп жүргөн кара тору балага кадалды. «Ошол» — деди. Анан көзүнөн жашы чыгып, жатынын жарып чыккан уулун азыр эле барып салып кеткиси келди. Бирок кандайдыр бир күч аны токтотуп турду. «Түү шерменде, кайсы бетиң менен ушул жерге келип кайынэнеңди какшатып, эптеп туу тутунган небересин кантип салып кетесиң? Чачыңды бир талдан жулбайбы. Табылдынын арбагын сыйлабайсыңбы. Эр эле болсоң алып көрчү» — деп айылдаштары ошол топ бактын артынан андып тургансыды. «Сүйүн сенин кылаарың ушул беле? Эптеп эрмек кылып көкүрөгүнө кысып, медер кылып жүргөн уулумду алып кеткени жатасыңбы?» — деп көз алдында маркум күйөөсү тургансыды. Келин шалдырады. Ошо тапта жанындагы иниси: Эже, жөн эле коёлучу? Кудагыйды мөгдөтпөйлүчү? Жездемдин жалгызын алып кетсек арбагы кечирбес, — деп өтүнө сүйлөдү. Тигинин сөзүн жоопсуз калтырып, мелтейген келин көгөрдү. Анан бир маалда ичинен «Эмне кылам? Жаш күнүмдөн жаздыгымды суутуп кеттиң. Мени эмне түшүнбөйсүңбү? Эчендеген армандуу түндөрүм өттү» дегенсип ичинен сыздады. Бирок бир маалда «Мен энемин. Уулумсуз кантип жашайм. Жатымды жарып чыккан баламды алышым керек. Арбагында сыйла» деген ойго алдырды да акыркы чечимге келип:

— Айда балдардын жанына! — деди. Иниси айласыздан балдар жакка айдап жөнөдү. Ангыча тушуна келе бергенде машинанын эшиги ачылды да күчтүү колдор баланы чаңыртып ичине тартып кетти. Чоочун адамдардын кучагындагы бала жаш келинге моюн бербей алпурушуп жатты. Алтургай колун да тиштеп алды. Бирок ичин кара туман каптаган жаш келин баланы бекем кучактап бакырып ыйлаганына карабай жол жүрүп барат.

Эртеси эле иликтеп сурамжылап небересин алып кеткен кудагыйынын үйүнө жол тосуп барды. Күн түш оон калган эле. Кудай жалгап анысы үйдө экен. Эмнеге келгенин билдиби, мелтейип унчукпады. Ортодо жым-жырттык. Үй ичинде жалгыз чымын дыңылдап ары бери учуп жүрдү. Бир маалда Салый эне чыдай албай:

— Кудагый, кудайга мен эмнемден жаздым эле? Жалгыздын жалгызын жүрөгүмдү жаралап тартып кетипсиңер...

— Эмне кыл дейсиз? Эне бала үчүн жаралган тура. Небереңиздин келгени чын. Ансыз деле кызым уйку көрбөй жүдөп кетти. Акыры ала турган болгондон кийин алды да — деди камырабай кудагыйы. Ушул сөздү укканда Салый эне төбөгө бирөө чаап жибергенсип көзү караңгылай түштү. Ал келининен мурун кудагыйына ишенбеди беле. «Кой кызым. Күйөөңдүн арбагын сыйла! Жалгыз кайын энеңди боздотпо. Ансыз деле бала сеники» деп салып берет деп ойлогон. Бирок андай болбоду. Ангыча эшик кыйч этип ачылып келини кирди. Үмүттүү эне ордунан тура калды.

— Балам, өмүрүмдүн акыркы күндөрүндө ушундай кылбай эле койсоң болмок. Баары бир бала сеники эле да. Мен мөгдөп калдым. Кайын атаң менен күйөөңдүн кайгысы деле жетишет эле го? Ушуга барасыңбы? Аясаң боло. Жалгыздан калган жалгызды менден аяйсыңбы. Өлгөнүмдө топурак салып анан сага кетпейт беле, — деди. Бирок келини бир чекитти тиктеп унчукпай койду. Бул «бербейм» дегендин белгиси эле.

Айла жок. Биртике көтөрө келген таттуу тарапасын калтырып, көзүнөн ылдый жашы куюлуп, көкүрөгү армандуу үшкүрүккө толуп, эне кетип бара жатты. «Бүттү» деп койду ичинен. Эми ага жашоонун кызыгы да жок эле. Ботосунан ажыраган ингендей боздоп барат.

Эшикте дале шамал катуулап, терезенин айнектерин кылдыратат. Санаага алдырган эне ар кандай ойлордун туткуну болуп эптеп таң атырды. Түн бою көз алдынан өткөн бактылуу күндөрүнүн элеси, анын кайгы муңу көкүрөгүн өрттөп, муунун бошотуп барат. Ошол небересине барып келгенден бери бир да кабар болбоду. Күн өтүп ооруга чалдыкты. Жерге жарык кирип эптеп төшөгүнөн сүйрөлүп турган эне, үстөлдүн жанына келди да, бир барак кагазды алып келининин дарегине кат жаза баштады. «Сүйүн, мен эми сакайуудан калдым. Эки дүйнөдө тең сенин бала бото болуп бергениңе түбөлүк ыраазымын. Кайгыга салып жүрөгүмдү жараласаң да баардыгын кечирдим. Эмне кылабыз? Тагдыр деген ушул экен. Жалгыздан калган жалгызды көзүңдүн карегиндей сактап жакшы чоңойт. Акыркы өтүнүчүм чоң атасы менен өзүнүн атасынын жүз аарчыга түйүп койгон топурагы бар. Колумда болуп калбадыбы. Мени сагынаар. Мына ошондо аманат кылып таштап жаткан топуракты жыттата жүр» деп жазып көөдөнү айный түштү. Эптеп кыбырап төшөгүнө жетти. Ошо тапта эшик ачылып, кошунанын келини Күлүм кирди. Салый эне ооругандан бери бир маал келип чайын кайнатып, кир-когун жууп берчү.

— Жакшы болуп калдыңызбы эне?

— Ооба, айланайын бүгүн күндөгүдөн жакшымын. Кичине жөлөп тургузуп коёсуңбу? Эми сага өтүнүчүм, көзүм өтүп кетсе тигил үстөлдүн үстүндөгү катты келиниме берип койгула! Бүгүн абышка менен уулумдун мүрзөсүнө барып келсемби деп жатам — деген сөздү араң айтты да, оозунун үстү көгөрө түштү. Негедир көздөрү чакчайып, жаздыкка башы шылк этип оозунан көбүк чыга түштү. Коркуп кеткен жаш келин

жүгүрүп эшикке чыгып кошуналарды ээрчитип келсе, апапак чачы сеңселген эне, эбакта бул дүйнө менен коштошуп кеткен экен. Колу карышып, жүз аарчыга түйгөн топуракты уучтай көкүрөгүнө койуп, түбөлүккө уйку салыптыр. Эшикте күн чымырттап, жорткон жел жалгыз теректин бариктерин шыбырттатып бул үйдө акыркы өмүр шамы өчкөн энеге ыйлап жаткансыды. Ооба ошентти.

*Ат-Башы Нарын 2001-жыл.*

Нарын облустук
китепканасы
№ 48857 ебо



# ТИРҮҮЛӨРДҮН КӨРҮСТӨНҮ

## ТИРҮҮЛӨРДҮН КӨРҮСТӨНҮ

Жай саратан. Айлана үп тартып дүйнө куйкаланып турду. Береги чөккөн нардай бири-бирине улашкан боп-боз тоо ошол аптапка куйкаланып калгансып мелтей-ет. Тоо эле аты болбосо, бийик дөңсөөлөрдү элестетет. Анан көк жашаңга чулганып, төбөсүн мөңгү басып өсүмдүктөрү жыпар жыт бүркүп турган өзүнөн анча алыс эмес тоого теңеле албай калагансып ардыккансыйт. Анан бул тоонун да жайгашканы өзгөчө. Ал күн батыштан күн чыгышты көздөй тай чабым жерге созулуп келет да, башка тоолорго уланбай бир алп сугатчы тумшугун кетмени менен керте чаап салгансып аягы бүтөт. Так ушул жыгылсаң бетиңе сайылаар куурайы жок жылаңач тоолорду этектеп, батыштан чыгышты көздөй жол созулуп жатат. Анын бет маңдайында бирин-серин теректери, ийри-муйру көчөсү бар кыштакча жайгашкан. Бүгүн ошол кыштакчанын анда-санда көчөсүнөн бирин-серин адамдар көрүнбөсө, баары ысыктан корголоп үйлөрүнө кире качкансыйт. Ошол кыштакчанын жанындагы жолдун жээгинде бир караган адамга жашы 12—13 жаштагы кыз тиги жылаңач тоолорду карай качкан эки эчкини улактары менен алдынан тосуп, убара тартып келет. Үстүндөгү өңү өчүп бара жаткан көк көйнөгүнүн жеңи менен тердеген мурдун сүртүп алды да, үшкүрүнүп жол жээгиндеги чакан ташка отура кетти.

Өзүнчө ойго чөмүлүп, ичинен кыңылдап ырдап кечтин тез эле киришин кыялына самап турду. «Ата-

ганат, күн тез эле кара тоонун артына жашынса, өлөт алгыр эчкилерди үйгө айдап барбайт белем. Анан, эртең менен кечке чейин жесин деген нандын жарымын үй түбүндөгү көңдүн арасына катып койбодум беле. Аны бөбөгүм Нурланга бермекмин» Антпесе, апасы ооруп ооруканага жаткандан бери тайженеси бөбөгү экөөнүн курсагын көп тойгузбай эптеп бирдеме берип өзүлөрүнүн үйүнүн маңдайындагы кичине тамга төшөк салып жаткырып салат.

Адеген күндөрү коркуп жүрүшсө, кийин көнүп калышкан. «Мейли, тайэнемдин какшаганына караганда ал үй тынч эмеспи»-деп жатып алышат.

Ар бир аткан таңда «Апам неге кечикти? ушунча да ооруйбу? Кызык апамдын буту басып жүрсө деле Нура тайэжемдин анын жанында жатканы эмнеси?» — деп ойлоор эле. Кээде ооруп жаткан апасына тайэнеси ээрчитип барса-деп тилек кылчу, бирок ал антпей койду.

Кыз оор үшкүрүнүп алды. Көз алдына үйдө жалгыз калган бөбөгү Нурлан келди. Ал кээде түнкүсүн апакелеп ыйлап чыгат. Ага тез эле барып катып койгон нанын бергиси келип кетти. Курсагы да ачкандыр. Балалык кыялында көз алдына өз атасы элестеди. Ал бөбөгү экөөнү таң алдында кытыгылап ойготчу. Нурланды мойнуна мингизип майрамдарда сүрөткө түшкөнүчү, кандай жыргал эле. Ал эми чоң энеси таң атпай ысык сүттү бышырып «Тургула, чүрпөлөрүм ысык сүт ичкиле» — деп моюндарынан жыттап турчу. Ушуларды эстегенде көзүнөн жаш агып анын ачуу даамы оозуна келип турду. Сагынычы улам артып бара жатты. Ошо тапта бейпил айлананы бапылдаган машиненин үнү бузуп, эмелеки таттуу кыялын чачыратып жиберди. Оордунан шашып тура калса текиреңдеп таскак урган эчкилер машиненин алдынан өтүп тоону көздөй жөнөп калышыптыр. Безилдеген бойдон жол жээгине жэтип токтой калды. Ошол учурда өңү көк түстөгү машиненин айнегинен апапак көйнөк кийген өзү теңдүү кыз энесинин мойнуна колун артып жылмайа өтүп кетти. Эс талма немедей өтүп кеткен машинени көпкө чейин тиктеп тура берди.

Анан бир убакта бөбөгү Нурлан, апасы болуп ошол машинеде кетип бара жаткандай кыялданып алды. Кыялында бир жыргап күлдү дейсиң. «Эгер биз көлдөгү үйүбүзгө ушундай машине менен барсак, дарбазаны койгулап анан жашынып калмакмын. Жок, жок — Нурланды эле дарбазанын түбүнө койуп, анан карап турмакпыз. Бир маалда эшик ачылганда чоң энем Нурланды көрмөк да, аны кучактап ыйлап бизди издеп басмак. Ошондо дарбаза алдындагы бактан «бау» деп чыга калмакпыз. Сүт жыттанган чоң энем калдастап чоң атамды чакырып апамды кучактап сүйүнүп ыйлашмак. Атамчы?.. Ал жумуш менен Бишкекте эмеспи. Кеч киргенде баарыбыз дасторконду тегеректеп жыты буруксуган ысык нанды, алманы, каймакты жемекпиз» деп балалык кыялы тээ узун жолдун аягы бийик тоолорго жашынган машинаны ээрчип кеткенсиди.

Бир маалда шалдырап көйнөгүнүн жеңи менен көз жашын сүртүп алды. Ичине бугу толуп улам кетип баратты. Кеткиси келди. Ушул таңдан кечке катуу сөз айтылып тил уккан тайэнесинин, тайэжесинин эч унчукпаган тайакесинин үйүнөн. Тээ бир оокумда сагыныч аралаган жүрөгүндө терең үшкүрүп алды да, анча алыс эмес жердеги тайэнесинин үйүн жек көрө тиктеп, дөбөчөгө чыгып калган эчкилерди көздөй жөнөдү. Күн куйкалап, ысык төбөдөн уруп турду. Дүйнө жымжырт.

## 2

Күн да сызгырып тийип, Райкан жаткан палатанын ичин үп кылып жибергендиктен терезени ачып коюшкан. Жанында жаткан келиндер эшикке чыгып кеткендиктен, санаадан кер сары болгон Райкан өңүн карап, жанында бош керебетте жатып уйкуга кирген эжесин көңүлү сүйбөй бир карап алды. Катуу жыгылып келгенден бери жанындагы эжесине бир ооз да сүйлөбөйт. Сөз баштайын десе эле тескери карап жатып алат. «Сыягы кайтарымыш болгондогусу го? Кай-

тарганым сен болсоң» деп капалана эжесинен жүзүн үйүрдү.

Ачык терезеден экинчи кабатка чейин өсүп жеткен сирен гүлү буркурап жытын чачып турду. Жаш келин чарчап негедир мууну шалдырады. Ал ушу сирендей жыты буркураган келин эле. Береги оозунун жарымы ачылып коңурук тартып жаткан эжесине, жалгыз агасынын аялы жеңесине, инисине өз башына ээ болуп үй-бүлөөнүн мамилесин чече албай алардын жетегинде жүргөн энесине жүрөгү сыздап, көңүлү карарды. Ооба, ошентти.

Бир келген тагдырынын ушул кара мүртөз адамдар тарабынан тебеленип турганына кейиди. Көз алдына өмүрлүк жары Кубан келди. Ал да «Балдарды талаалатып ушул күндү көргөзмөк белең? Түбөлүккө бирге бололу-деп антташкан күнүбүз кайда? Сен ушуга бармак белең Райкан? Эки жолу барганымда эжең, энең, иниңдин катуу сөз айтып эшиктен түртүп чыгарганына капа болсом да, балдарымды көрбөй кетип баратканымда, менин күнүм ушундай болот беле? Түү, дүйнө, сенин жүзүңө түкүрдүм! Өз канымдан жаралган балдарыма өзүм ээ болбой калган турбаймынбы? Эми көтөрүп турган асманың болсо таштап жибер — деп солкулдап ичимен кара кан өтүп кете бердим Райкан» — деп күйөөсү көз жашын көл кылып маңдайында тургансыды. Кайра бир маалда жүрөгү карарып ыза болуп калган күйөөсү суз болуп аялын көргүсү келбегенсийт. Ушундай элестүү ойлор көз алдынан чубап өткөндө жаш келиндин жүрөгү тилинип кетти. Өзүнүн чечкинсиздигине, алдангандыгына жини келип өзүн өзү жек көрдү. Жүрөгү мыкчылып кызы Мунар менен уулу Нурланды сагынды. Эс талма болуп, күндөрдү ооруканада өткөргөндөн бери, балдарын бир алып келип көргөзбөгөн маркум атасынын ордундагы инисине таарынып алардын жасаган иштерине өзөгү өрттөндү. Эми ал жүзүн жууган ыйын токтотуп, Канчалык кайрат кылайын десе да алсызданып бара жатты. Бир кезде өзү төрөлүп ыңаалап жарык дүйнөгө ке-

лип чаңдатып ойногон короосу, үйү азыр көзүнө дубалы ураган көрүстөндү элестетип, анда жашаган бир туугандары тагдырын талкалаган арбактарга окшошуп кетти.

Райкан алсыз бойун араң кармап терезеге кирип турган сиренди жыттап көңүлү көтөрүлө түштү. Буркураган жытына мас болуп эмелеки жөргөмүштүн желесиндей чырмаган ойлордон аз да болсо алаксып, өткөргөн таттуу күндөрүнүн закымдары көзгө тартылды. Көөдөнү туйлап экинчи тууру болгон ыйык Ысык-Көлдү сагынды. Жөнөкөй ак көңүл жаратылышынан куудуң-шуудуңду билишпеген кайыната, кайынэне, кайынсиңди, кайынинилеринин боорукерликке толгон жылуу көздөрүн көз алдынан чубатты. Кайрадан өмүрлүк жолдошу Кубан апапак көйнөк кийген колуктусун кечки көл жээгиндеги бейпилдикте жетелеп жүргөнсүдү. Ооба, көл ал учурда экөөнүкүндөй сезилчү эмес беле? Ал көлдү сагынды. Анткени алардын алгачкы махабатына бир гана түнкү көл күбө болбоду беле. Анда сансыз жылдыздар асман бетине толуп, бак даракка чүмкөлгөн Чолпон-Ата шаары көл тараптан соккон теңтек желге боюн тосуп магдырап тургансыган. Жээкке улам бири-бирин кубалашкан ак толкундар өзүнчө бир көркөм эле. Райкандын бул чакан шаарга келгенине эки күн болгон. Күнүнө ысык кумуна жатып суусуна чайынып кечкисин мемиреген көл үстүнө түшкөн ай шооласы менен сырдашып анын жээгинде бир оокумга чейин басып жүргөндү адат кылып алган.

Ал күнү ошондой болду. Коңур кеч кирип эртеден кечке жээги бака шакага толгон көл эми мемиреп тынч. Ысыктан илеби качкан кумга отуруп көңүлү бир нерсеге алагды боло түшкөн экен. Мына ошол беймарал учурду:

— Чоң кыз, көл менен сырдашып жатасызбы?— деген жигиттин үнү бузду. Мындай бейкуттукта ойго алдырып жиберген капысынан чыккан эркектин үнүнөн чочуп кетти. Өзүн кармап өйдө болду. Маңдайында суйсалган узун бойлуу жигит турган экен. Буга

чейин ниет кылып жигиттер менен сүйлөшпөгөн кыз, бирөөлөр карап тургансып, уялып кетти. Ошентсе да өзүн карманып отурган ордунан өйдө болду. Ортодогу үнсүз көз менен карашууну маңдайындагы жигиттин үнү кайрадан бузду:

— Баамымда бул жердик эмес окшойсуз. Себеби ыйык көлүбүзгө көзүңүз түшүп суктана караганыңызга караганда — деп, тамашалап өттү. Негедир ыңгайсыздана түшсө да Райкан акыры жооп берүү керек болгондон кийин:

— Ооба, Тянь-Шандыкмын. Бул тарапка эс алганы келгем.

— Ошондой. Баятан бери карап отурам. Кыскасы мамырлары гүлдөгөн улуу тоонун кызы турбайсызбы. Анда эмесе таанышттык — деп, жигит колун сунду. Чын жүрөктөн айтылган мындай сөзгө кыз ыраазы боло анын колун кармады. Ошентсе да жүзүн өйдө көтөрө албай жүрөгү түрсүл кагып, уяңдык сезими канчалык өктөмдүк кылып бара жатса да жаштыкта бир келген кумарлуу көптөн бери өзү күткөн учуру эми анын бүткүл ой санаасын ээлеп, эңсеген кыялдарын береги жигитке өткөрүп берип салгансыды. Жигит кыздын колун койо бербей өз атын атады. Кыздын бети ымырап чымырап албырып, жигиттин аты кулагына кирбей, өзүн өзү жоготуп койгонсуп денеси титиреп кетти. Ошол түнү алар ыйык көлдүн жээгинде таанышышты. Көл да жээкке урунган майда толкундары менен шыбырап, качанкы бир өзүндө өткөн сүйүү дастанынан кеп салып жаткансыды.

Эртеси кайрадан убадалашкан боюнча баягыл көл жээгиндеги бактын түбүнөн жолугушушту. Кечээкиге караганда ортодо сөз айтылып тамаша артынан күлкү уланып турду. Мына ушул көл жээгинде төрөлгөн ачык айрым Кубандын мүнөзү Райканга жагып, ортодо мамиле жакындап бири бирине бат эле үйүр алып кетишти. Аңгыча асмандагы каалгыган ак булуттардын арасынан суйсалып ай чыкты. Ал да алыска сапар алгандай. Шооласы көлгө түшүп эки ашык көптөн бери

сагынычын жазалбай жаткансып турду. Ошол түнү Райкан бактылуу эле. Себеби, таанышкан жигитин ыйык көлгө теңесе, өзүн көктө каалгыган айга салыштырган. Ошондогу биринчи ирет айкалышып таттуу өбүшкөнүчү. Ал да капысынан болгон.

Ошол учурда түнкү көлдүн шыбыртын тыңшап денеси көшүп бир келген мындай бактылуу күндөргө магдырап кеткен экен. Бирок оокумда жигиттин колу белине оролгондо, денеси титиреп өзүн-өзү коруу сезими болгону менен жаштыктын кумарлануусуна, эңсөөсүнө толгон анын жүрөгүн тыңшап, мойнуна колу кандай оролгонун билбей калган. Ошол түнү эки ыйык дене аяр учурашып, бара-бара өзүлөрүн жоготуп делөөрүткөн бир азгырыкка алдырып жиберишкенин да билбей калышыптыр.

Көрсө ал жаштыктагы эңсөөнүн, көптөн күткөн үмүттүн, тилектин, сүйүүнүн туу чокусун ыйык көлдүн жээгинде, түнкү асмандагы айдын алдында данеркерлеген түн тура. Анда Райкан бир келген бактысына ыраазы болсо да, алдыда кандай турмуш күтүп турганын билбеген экен. Ошондой түбөлүк антташкан эки адамдын ыйык сүйүүсү тепсендиде калаарын кайдан билиптир? Болгондо да ал өзү тараптан болуп жатканына ичинен кара кан өтүп, көңүлү түтөп турду. Атаганат, турмушуң деле бир бактылуу учурду берип аны кармап кала албасаң табалагансып кете берет тура. Райкан өзүнүн жатындаштарына ишенип, аларга алдатып ийгенине көңүлү түтөп турду. Көмөкөйүндө тээ качандыр бир түгөйүнөн тирүүлөй ажырап, алдамчылардын сөзүнө ишенип армандуу махабатта калган жаш жубандын сагынычка толгон, өткөн күндөрүнө кайрылып баруунусамаган дилиндеги үмүттүү кайрыктарын үзүл-кесил күңгүрөнө созуп турду. Ооба ошентти.

Мууну бошоп башы чыңалып ооруп, чачынын талы сайын тер кетти. Бул учурда алоолонгон күн кара тоонун артына жашынып бара жатты. Ошол жакка тигилди. Анткени ал жакта өз канынан жаралган балдары бар эмеспи. Алар турган алакандай кыштакты көз байлап, жарыкты уурдаган караңгылык басып барат.

## 3

Күн кылкылдап уясына батып бара жатты. Улам барган сайын көлөкөлөр узарып, саратан дыңылдап, күн бою сызгырган ысыктын табы кайтып айлана салкындай түштү. Эрбеңдеп эки эчкини айдаган Мунара жылаң аяк колуна тапичкесин көтөрүп жылуу топуракты кечип келе жатты. Анда-санда бир кыңылдап ырдап, топурактын жылуулугун буту сүйүп айылга жакындай берди. «Бүгүн апам келди бекен? Буюрса айыгып чыкса көлгө кетсек — деп балалык ойунда кыялга жетеленет. Апам, деле мен куруйун! Бекер алданып келген турбайбызбы. Боорубуз менен жылсак да кетебиз» — деп айтканы эсинде. Бир жолу түнүчүндө кеткенге даярданып эшикке чыгалы десе билгизбей сыртынан кулпу салып койгонун сезгенден кийин, бир топко ыйлап алышкан. Анан бая күнкү бир окуя эсине түштү. Өзүнөн өзү ынтыгып семизинен баса албаган, мурдунун учунда калы бар үйгө келген бир киши «кызым» — деп өбөйүн дегенде анын колунан суурулуп качып кеткен. Ал кишини да тайженеси ээрчитип келген. Ошол кишини көргөндө тайэнеси, тайэжеси ары бери чуркашып, ал тургай көптөн бери катылган момпойсуларды дасторконго чачып, боорсок бышырып чай беришкен. «Кызык, ага эле эмне анча кошомат кылышат» — деген кыз өзүнө өзү суроо берип ушуга чейин таң калып келет. Ушундай ойлорго алагды болуп отуруп эчкилерди айдап корoого кирди. Тайэнеси самоор койуп жүргөн экен. Түтүндөн кызарган көзү менен ата тиктеп:

— Эчкилерди сугардыңбы? — деп чоң үйгө кирип кетти. Мунара чачына байлаган ачкычын чечип алып, өздөрү турган үйдү ачып кирип суурулган электр плиткасын кайра сайып чай койду. Бөбөгү Нурлан уктап жатыптыр. Анда-санда ууртун соро чукуранып «ата» деп коет. Өткөндө тайэнеси чайды электрге көп эле сая бербегиле, ал да акча. Аны энең экөөңөр төлөй алмак белеңер деп айткандан бери, эрте туруп чай кайнатып термоско куюп алат да, кечкисин жаңыртып

алат. Кечке ысыктан боргулданып тердеген Мунара күзгүдөн өңүн карап чаң болгон жүзүнөн уялып жууна баштады. Ошол тапта:

— Ээ Мунара эшикке чыкчы! Деген тайэнесинин үнү чыкты. Заңкылдаган үндү уккан кыз эшикке чуркап чыгам деп чалынып жыгылып тизесин сыйрып алды.

— Өлөтко. Көзүңдү карабайсыңбы! Саксайган каракчы деген тайэнеси чала була бир муштап алды.

— Эчкини кайда жайдың эле? Кара серкенин буту аксап калыптыр.

— Алыс деле барган эмесмин, жолдун боюнда эле болдум деген кыз ачууга толгон тайэнесинин жүзүн карагысы келбеди. Анан калса ал ачууланганда бетиндеги бырыштары укмуштай болуп эриндери титиреп кеткенде бөбөгү экөө коркуп кетишчү. Аны апасына айтканда ал тайэнеңер көп ооругандан деп, койгон.

— Көзүңдү карабай таш менен койгулагансың го? Эгер эртең баспай калса шыйрагыңды чагам! Бар үйгө — деп кыйкырып жиберди. Көзүнөн жашы кылгырып үйгө кирди да эки ийини солкулдап буркурап ыйлап жиберди. Эс тартып калган кыз «Көзүмдүн жашын бөбөгүм көрбөсүн, ал да кошо ыйлабасын» деп бетин муздак сууга жууп күзгүгө каранды. Баары бир көзү кызарып калыптыр. Бөбөгүн тургузуп чай берейин десе ал алка-шалка терге түшүп таттуу уйкуда экен. Аны аяп өзү жанына жатты да катуу уктап кетти. Ал түш көрдү. Түшүндө атасы, апасы, бөбөгү Нурлан төртөө көл жээгинде жүрүшүптүр. Бир маалда таттуу токочун каймагы менен көтөргөн чоң энеси Нурлан экөөнү жетелеп, калың бакты көздөй дасторконун жая бергенде, капкара кемпир ошол бактын арасынан атырылып чыкты да Нурланды колунан жетелеп качып бара жатты. «Бербейм, балдарымдан айлан! Оо кудай, алардын ордуна мени ал» — деген чоң энеси чалынып жыгылып заматта алыстаган кемпирдин артынан жөнөдү. «Апа» — деп Нурлан чочуп ойгонду. Эшикте шатыратып жаан жаап жатыптыр. Терезени

черткилеген жаан андан сарыгып ылдый агылат. Ошо тапта бүт асман кулап түшкөнсүп, капкара булуттарды тилип өткөн чагылгандын үнү укмуштуудай дүңгүрөп келип, айлананы саамга жарык кылып, анан өчүп калды. Мындай коркунучтуу тарсылдаткан коркуп отурушкан кыз менен бала дыбырттаган жаандын дабышын тыңшашып, кучакташа жуурканды чүмкөнүштү. Түнкү дүйнө. Эки жалгыз бала. Көрдөй караңгы үй. Балалыктын ата энеге болгон сагынычын буулугуп эшикке чыгара албаган алсыз сезим ардыгып, кара өзгөйлөрдүн кыл чылбырынан бошоно албай жаткансып, ал да жаан үнүн тыңшагансыйт.

4

Бүгүн негедир Райкан жакшы болуп калгансыптыр. Бойу жеңилдеп, ооруган жерлери басылып калса да, көкүрөгүн мыжыган ойлордон арыла албады. Дале болсо «Мен эмне кылдым? Жасаган ишим кудайга жакпайт го?» деп өзүнө-өзү суроо салат. Анан өткөн бактылуу күндөрүн эстеп, ал күндөрдүн кайталанып келишин тилек кылат. Кээде «Кубан мени кечирээр бекен» деген суроонун туткуну болот. Аны менен өткөргөн күндөрү ырыс менен кешик тура. Аны эч нерсеге теңеп болбос. Ал учурда ар бир аткан таңда жакшы үмүттөргө жетеленип, асыл максат койушуп, аны аткарууга жан далбас урушчу. Эмичи? Ошол максаттардын баары кара мүртөз адамдардын тепсендисине калбадыбы. Болгондо да ал өзү тараптан болгонуна күйүп турду. Жылдар агылып, үй ичи балдардын күлкүсүнө толуп турганда үй-бүлөө деген шаарды бузуп жатышкан энесине, бир туугандарына таарынды. Эми ошол өзүлөрү курган үйдүн төрүн чаңдатып ойноочу балдары ага баралбаганына өзөгү өрттөндү. Ошол учурдагы каргашалуу бир күндү көз алдына элестетти. Күйөөсү Кубан дипломдук ишин жактап, көл тарапка ишке орношуп көчүп кетели деп жатышкан. Бир аз мурун кайынэне, кайынатасы эт ашын алып келип кошуналарын чакырып батасын алышкан. Кетээрде кайынэнеси:

— Барсаңар эртерээк камдангыла! Үй даяр. Баардыгын камдап койгом — деп, сүйүнүчтөн көз жашы кылгырып, уулу менен келинин жүздөрүнөн сүйүп таксиге түшкөн. Бишкектин ысыгы куйкалап турду. Райкан оокатка күймөлүп, алаксып кеткен экен. Мурун келип ар кайсыны бабырап «Айткан тилди албадың, атаң жок болсо, энең ооруп турат. Кайдагы бир көл тарапка турмушка чыгасың. Тилди албадың» — деп таарыныч кылган эжеси бир жума мурун келип кеткен. «Кызык. Эмнеси бар экен. Өзүм сүйлөшүп баргандан кийин мага эмнеге кийлигишет» дегени менен карыган энесин аяй кетчү. Ошентип ойлонуп отуруп эжеси Нуранын киргенин да байкабай калыптыр.

— Ботом! Сага эженин кереги жокпу? Эмне байкамаксанга саласың! Күйөөгө эми жетип калдыңбы! — деп буркулдап, анан суз гана сиңдисин бетинен өптү. Капилеттен келген эжесине бир чети сүйүнүп кетсе, экинчиден айткан сөзүнө таарына түштү. Ошентсе да уктап жаткан уулуна тигиле эжесинин алдына көлдөлөңдү жая салып күйөөсүнүн көчүп кетүүгө машине издеп кеткенин айтты.

— Эми мындай апам ооруп жатат. Кечээ каттуу болуп келип, ооруканага жатты. Мен түн бою такси менен келдим. Эгерде, эне болсо азыр камдан! Бол жөнөйбүз!

— Мен Кубансыз кантип барам? Ал таппай калат го?

— Анын артынан жете барат — деген эжеси шаштырып туруп алды. Ортодо убакыт уурдалып, эшикти караган Райкан тынчсызданат. «Барбай койсочу? Кой анда айылдагылар эмне дейт. Өлөсөлүү энесине келбей койду» деген сөз болот. Анын үстүнө күйөөсү да кечикти. Тирмийген эжеси ачууланып, көзүн аңтара сиңдисин карап, кычагансып шаштырып туруп алды. Анын үстүнө күтүп турган такси кайра-кайра сигнал бере баштады.

Акыры болуп жаткан окуянын чоо-жайын түшүндүрүп, кат жазып үстөлдүн үстүнө койду да эшикте ойноп жүргөн кызын чакырып, уулун колуна көтөрүп,

ачкычты белгиленген жерге катып таксиге отурду. Алар күн бою жол жүрүшүп кеч бешимде БАЕТ айылына жетип барышты. Жол бою үн катпаган эжеси оорукананын тушуна жете бергенде таксини токтотуп, ага кирип кетти да кайра тез эле чыкты. «Чыгарып кетишиптир» деди. Санаасы саңга бөлүнгөн Райкан «Кудай жеңилинен берсе экен, эмне шашылыш чыгарып кетишти» деген ойго алдырып бара жатты. Күн салкындап жол боюндагы кыштактарды артка калтырып, бала күндөн тааныш айылына кирип келишти.

5

— Барбайсың эч жакка! Тилимди албадың эми көзүм өткөнчө жанымда болосуң! Күйөөм дейсиң, анын азабын тартып эмне кыласың? Балдарың жанында турат го? деген энеси кулак мээсин жеп келет. Ошентип олтуруп үч айдан ашык убакыт өттү. Анын ортосунда бул жакка келгендин эртеси эле калтырган катты окуган күйөөсү артынан жете келген. Андагы окуяны айтып болбос. Кеч курун дүрүлдөгөн машиненин үнү чыгып, эшикте жүргөн кызы Мунара атакелеп жибергенде мындай учурду күтпөгөн Райкандын жүрөгү атып кетти. Өз боюн түздөнүп, эшикти ачып кирип келген күйөөсүнүн мойнуна асылды. Ошо тапта:

— Тигини, эриңди эми көрө калдыңбы? Мындагы кишини көзүңө илбейсиңби? — деген энесинин заардуу сөзүн угуп, денесине бирөө муздак суу чачып жибергенсип, бүшүркүнө туруп калган. Анын жөн эле ооруканага жата калып, алдап чакырып алганына наразы болсо да Кубан келсе энелик жүрөгү бар эмеспи «Сагынгандан чакырттым эле, эми кайда жүрсөңөр да аман болгула» деп жөнөтөөр деген тилеги таш каап «Ээ жараткан мага ушул күндү көргөзмөк белең? — деп жүрөгү канап, сыздап келет. Ошол күнү өзүн көл үстүндө канаты сынып, жалгыз калган ак куудай сезди. Өмүрлүк жолдошу канчалык жалынып-жалбыраса да энеси анын сөзүн укпай, Райканды кичи үйгө түртүп

кирген. «Жок дегенде балдарымды бир өөп алайын» деп жалооруган күйөөсүнүн сөзү сай-сөөгүн сыздатып, ичинен кара кан өтүп кеткен. Анан терезеден күйөөсүнүн көпкө чейин Райканды түртүп кирген үйдүн терезесине тигилип кайра-кайра балдарын сурап анан таппай калганда армандуу үшкүрүп жөнөп кеткен. Ошондо дүрүлдөп алыстап бара жаткан машиненин үнү жаш келиндин жүрөгүн эзип, армандуу кечти тартуулап салган. Ал ошол түнү көпкө ыйлады. Бара-бара мүнөзү таштай катып, анан кечкисин кылдырттап келип салынган кулпунун үнүн тыңшап, тирүүлөй камалганына чөгүп, акыры ооруга алдырды. Буга чейин балдары менен алек болуп, түнкүсүн кулпу салынаарын билбептир. Ооба ошентиптир.

## 6

Райкан жекшемби күнү оорукакадан чыгып келди. Энеси менен эжеси буттарынын учу менен жүгүрүшүп, короодогу улагынын бирин союп, түлөө беришти. Ошол түлөөдө жашы бир топко барып калган адамга үйрүлө түшүшүп эл кеткенден кийин бар тамагын оозуна кармашты. Кошуна айылдан жеңеси да келген бир оокумда баары жайлангандан кийин:

— Кызым эми жаш эмессиң. Экинин энеси болдуң. Кийинкинди ойло, эми минтип жүзгө бырыш түшүп, этиң оорлоп, төрүңөн көрүң чукул болуп калган чакта ойуң ар нерсеге кетет экен. Жанымда эле болгонун оң. Эми минтип кеңешип чечтик. Ыраматылыгы болсун бул адамдын келинчеги жакшы киши эле, былтыр көзү өттү. Эгер туура көрсөң балдарыңды жер каратпай багып алат. Кудайга шүгүр оокаты бар — деп, энеси сөзүн аяктай электе Райкан өзүн бирөө кулакка сайып жибергенсип, көөдөнү мууна көзү жашка толуп, тагдырын чүкөдөй өкчөп жаткан энесине, бир туугандарына жек көрө карады. Тигил киши да сөздүн чукулунан башталып кеткенине ыңгайсыз абалда калса да, эркек эмеспи шек билгизбей тамагын кыра жөтөлүмүш болду.

— Алда эне ай, өтө эле шашмасыз да Райкандын оозунан бир ооз сөзүн угалы — дей бергенде. «Эми баарына тоюп бүттүм. Башкасы бүтүп сен калсаң да — деген жекирүү менен ушу сиз өзүңүздү адаммын деп ойлойсузбу? Эмнеге келдиңиз бул жерге? Кана эмнеге?» — деп ичине толгон бугун чыгарып, үйүндөгүлөргө бир бакырып алды. Баятан мындайды күтпөгөн тигил киши эмне кылаарын билбей кайпактай түштү. «Энеси менен эжелери макул болуп турганда каякка бармак эле, эгер көңүлү болсо унчукпай калаар, балдары менен бапестеп багып алам» деп ойлоп олтурган тигил киши мындай окуя болуп кетээрин кайдан билиптир. Чачынын талы сайын тер кетип, катуу тил угуп, маңдайындагы жаш келиндин заардуу тиктегенинен денеси калтырап кетти. Анын көз-карашы шилисинен чыга түшкөнсүдү күйөө болчу адам көзүн ала качты. Ошентсе да эркек эмеспи бир оокумда өзүнө келип, жанындагыларга карады. Келиндин энеси, эжеси сүйлөшүп алганы бирдей экенин байкаганда көңүлү жайлана түштү. «Үй бүлөөң минтип турганда кайда бармак элең? Колума тиерсиң. Калганын көрө жатаарбыз» — деп ичинен күбүрөнүп, эшикке чыгып кетти. Үй ичи жымжырт. Энеси, эжеси да мелтейип үнсүз калышты. Бир гана жалооруй тиктеген балдары маңдайындагы тайжеңесин, тайэнесин кылчак-кылчак карап, өзүлөрү жаткан үйгө жөнөштү. Көөдөй караңгы түн. Тоо тараптан ичиркенткен сыдырым согуп, үй ичи да муздак. Анда-санда эки ийини солкулдап, армандуу үшкүрүк чалган жаш келиң балдарын кучактап, тагдырынын оорлошуп калганына ичи сыйрылат.

Баятан мындай болот деп күтпөгөн жаш келиндин энеси, эжеси, жеңеси үчөө мындай окуяга дендароо болуп отурушту. Анан бир оокумда:

— Ушуну жасабай эле зордоп салып бергенибизде болмок экен. Кайда бармак? Көнөт эле да. Ар бир ишти ойлонбой жасайсыңар. Байлык дегенде эки көзү жайнап, ал эми ал үчүн жатынын жарып чыккан кызын да ага айырбаштоодон кайра тартпаган Санам (Рай-

кандын энеси) мандайындагы келинине ачуу заарын бүркүп алды.

— Мен кайдан билдим? Өзүңөр көнөт да деп көргөзүп койолу дебедиңерби. Буга чейин Асандан алган мал-салыңар, белек-бечкегиңерди кантип унутасыңар? Ал да каардуу кетти. «Алмактын бермеги бар. Аны кантип төлөйбүз» — деген келини кайынэнеси менен кайынсиңдисине мелтейе суроо салды. Алар жүздөрү бүрүшүп «Ырас эле, кантип төлөйбүз?» — деген бойдон үнсүз, сөзсүз тунжураштьı. Дайыма ээгин зымпыйта кымтып, көзүнүн төбөсү менен караган кемпирдин ичине бүлүк түшүп, самсаалаган санаага чулганды. Ортодо жымжырттык өкүм сүрүп турду. Бир убакта баарына кайыл болгон Санам кемпир:

— Сөз бүттү. Зордоп салып беребиз — деген буйруктуу сөзүн айтты. Бул сөздү баятан күткөн кызы менен келини жымыя бирин-бири карашып алышты. Ортодогу чырактын жарыгын тегеренген жетим көпөлөк «Болбойт эле болбойт! Ушуга кантип барасыңар? Эртең элдин бетин кантип карайсыңар? Тозоктун отуна күйөсүңөр. Силер күйбөсөңөр мен күйүп баратам», дегендей дырылдап ушул үйдөн учуп чыгалбаганына ардыккансыйт.

8

Баятан көңүлү калып, көкүрөгүндөгү муңун ыйы менен жууган жаш келин бышылдап уктап жаткан уулу менен кызын жабуулап, апан ойго чөмүлүп кетти. Кечээ уулу «Апа, биз көлгө кетебизби? Эмне эле бул жерде жүрөбүз. Же тайэнем жакшы көрбөсө. Атамды сагындым. Кетеличи. Бая күнү сиз ооруканада экенде кошунанын баласы Рахат: — Силер эмнеге кетпей жүрөсүңөр? Аны билбейсиң. Анткени апаң чыгып келсе тайэнеңдер аны тиги аялы өлгөн Асанга алып бергени жатышат — деген. Ал чын эмес ээ, апа?» — дей бергенде уулунан мындай сөздү укпаган жаш келин бакырып жибере жаздаган. Көрсө ал чын тура. «Жок, силер мени зордоп бере албайсыңар. Мен

эми баардыгын өзүм чечем. Кетиш керек бул жерден» деп чечимге келген Райкан туруп кийинди да, балдарын ойгото баштады.

Мурунтан кулпу салынган эшикти түртсө, бул жолу негедир салынбаптыр. Кулак мээни жеп кыйчылдап эшик ачылып кетти. Мындай дабыштан өзү чочуп кетип, айлананы саамга тыңшай калды. Маңдайдагы чоң үйдүн жарыгы өчүп туруптур. Баарына кайыл болгон келин көптөн күткөн тилеги орундалаарына сүйүнүп эшикке чыгып, шыбыраша дарбазанын түбүнө жетишкенде чоң үйдүн жарыгы күйүп дүрүлдөгөн машине сүзүп жиберчүдөй көөдөй караңгы түндү жарык кылып келип, андан чыккан күчтүү колдор жаш келиндин чаңырып ыйлап каршылык көргөзгөнүнө карабай аны ичине тартып кетти. Капкара кара түн кара ниет адамдарга шериктеш болуп, жүрүп кеткен машине, улам алыстап бара жатты. Коркcондон бирин-бири кучактап чыңырып ыйлаган балдардын үнү түндү жаңыртып турду. Аңгыча эшикке чыга калышкан тайэнеси менен тайэжесинин күчтүү колдору ээн үйгө түртүп киргизди. Кайрадан кулпу шылдырттап салынды. Бир гана түнкү шамал эшик терезени кылдыратып ушул наристелер камалган үйдүн кулпусун ача албаганына ардангансып, кайра-кайра эшикке соктугат.

Колунан келсе ыйлап жаткан балдарды көптөн бери көксөп күткөн атасына, чоң ата, чоң энесине жеткирип койгусу келет. Бирок ал да дармансыз.

**9**

Баятан сары санаа болгон энеси жаңыдан келип жаткан уулунун демин тыңшайт. Негедир ал кийинки күндөрү чөгүп кетти. Аны көрүп туруп жүрөгү сыздайт. Сыздаганда эмне? Аз эле жашап алданып өз үйүндө өзү камоодо отурган келинине боору ооруйт. Аргасы канча? Колунан эмне келет? Эзели өйдө карап сүйлөбөгөн келинин, энеси ушундай тагдырга салып койгонуна кейийт. Бир ай мурун абысынын ээрчитип алып, таттуу тарапасын даярдап кудагыйына барган-

да: «Өз кызымды өзүм билем. Неберелериңиз кийинки айылдагы тайэжесиникинде. Кудайга шүгүр. Сизди деле ойлошкон жок. Ойноп күлүп жүрүшөт» — деп атайын барса келинин көргөзбөй койгон. Ошондо өз кызындай болуп калган келинине, ар дайым тизесин басып отурган неберелерине жолуга албай, алып барган баштыгын колуна кармап жол боюнда көлгө кетүүгө машине тосуп турганда: «Ай армандуу күн ай. Кудайга деле кастыгыбыз жок эле. Доско күлкү душманга таба кылдың. Бул эмнең? — деп зарлап алган. Кудагыйымдын мындай экенин билбегендер келиндин кеткенин менден көрүп жатышпайбы. Бир жолу кайран жеңем өзүңөрдөн эле кетип калган го? Болбосо Райкан сиз үчүн болбосо да күйөөсү үчүн келип кетпейби» — деген абысынын сөзүн укканда унчукпай кутулган. Анан эмне кылат?

Неберелеринин жытын сагынып жок дегенде жолуктурса өөп алам — деген тилеги ишке ашпай калганына көңүлү чөктү. Кошо келген жанындагы абысыны «Бекер эле келиптирбиз» дегендей караганда, айласы жок мууну шалдырап, тирүүлөй көргө кирип кеткиси келген. Эне ошондо буркурап ыйлаган. Ал келинин, неберелерин сагынган ый эле. — Кай жерден сага жаздым? Алаар өчүң болсо албайсыңбы! — деп, армандуу күңгүрөнүп, узун жолдо машине ичинде ошол көзү менен көргөн окуясына, кудагыйынын так кесер жообуна капаланып келе берген. Анан үйүнө келгенде үмүттүү көздөрү менен карашкан уулу менен абышкасына өйдө карай албай, өңгөчүн тарта арык ийиндерин солкулдап отуруп калган. Кайын эне ушуларды эстеди. Саамга чейин көлдүн шоокумун тыңшап төшөгүнө кынайды. Көл да түнөрүп жакындарын жоктогонсуп, кубалашкан толкундарын жээкке жиберип, өзүнүн кылаасында сүйүү дастанын чечкен Райканды, жээгинде чуркап ойногон анын балдарын алып келе албаганына ардыккансып арман кылгансыйт.

## 9

Ошол кара мүртөз адамдар зордоп ала качышкан келин менен айылдын четиндеги чоң тамга келип токтошту. Канчалык жан далбас кылса да, аракка тойгон алыбеттүү эркектер алсыз келинди үйгө сүйрөп киришти.

— Асаке, айтканыңды орундаттык. Эми берчүндү бере бер — деп жайма жайынан шилекейи чачырап сүйлөгөн досу жанындагы шеригине көз кысып самсаалаган терин сүрттү.

— Рахмат сага. Калган сөздү анан сүйлөшөбүз. Азырынча мобул болсун. Күйөө болчу Асан тигилер менен колмо кол кармашып акчасын берди. Үйдө опур-топур болуп, көпчүлүк куттук айтып турду. Түндүн бир оокуму болсо да жарык өчпөйт.

— Эми болоор иш болду. Көнөт да кайда бармак эле. Кызыкебизди колуңа тапшырып салдык. Андан көрө берчүндү бербейсиңби? — ушуну айткан Райкандын жеңеси шыңкылдап, ичкен арагына албырып, көңүлү ачылып мандайындагы күйөөгө көзүн кысты.

— Болот жеңе! Азырынча муну алып туруңуз! Пайгамбар барына шүгүр дейли. Күйөө Асан жалаң элүү сомдуктан бир пачканы карматты.

— Рахмат! — деген Райкандын жеңеси көңүлү толкуп, колундагы акчаны сумкасына салды. Келгенден төркү үйгө камалган Райкан жедеп ыйлап жатып алы кетти. Балдарын ойлойт. Ошо саамда оозгу үйлөрдөгү жарык өчүп, айлана жымжырттыка бөлөнө түштү. Ортодо саат, убакыт уурдап чыкылдайт. Аңгыча сырттан бекем жабылган эшик акырын ачылып, бутунун учу менен бирөөнүн басып келе жаткан дабышы угулду. Эс-мас болуп отурган келин башын көтөрө койду. Эшик менен бир болгон караан чечинбей кийимчен жаткан келинге жакындап көкүрөгүнөн кармалап, сандарынан сылай бергенде, алдында калган келин тигинин колтугунан өтүп ойт берип туруп кетти. Ал кайрадан жабышты.

— Түшүнсөң Райкан. Мен сени өмүр бою кор кылбай багам, Ага жете турган байлыгым бар — деп жакындай бергенде, аркы үйдөн «апалап» бакырган бал-

дардын үнү чыкты. Үй ич саңырсыган арак менен эркектин терининин жытына толуп, келиндин көөнүн айлантып ийди. Жедеп басылбай ыйлашканда алып келишкенби, уулу менен кызын эшикти ачып түртүп киргизип жиберишти. Алар апасынын кучагына оролошту. «Каралдыларым ай деди Райкан, күйөө болчу зордосо да кызык мезгилди күтпөдү беле. Шайтандай болуп балдары кайдан келе калды. Жаш келинди кучагына кысып, мамагын эзгилеп, бир кумарга батайын деген — тилеги ишке ашпай калганына көңүлү күйүп ыңгайсыздана эшикти жаап, чыгып кетти. Ошо саамда Райкан эшикти иле койду. Балдарын кучактап көпкө ыйлады. Ушундай тагдырга салган энесине, бир туугандарына, жеңесине ичинде наалатын айтып жатты. Күйөө болчу адамдын бир аздан кийин келээрин сезип турду. Жүрөгү опкоолжуйт. Үй ичи тынч. Кызынан сурамжыласа аларды эжеси жеткирип келген экен. Убакыт өтүп таңга чукулдап калды. Кошуна бөлмөдөгүлөр «Калган ишти ананыраак бүткөрөбүз» дешкенби, коңурук тартып уйкуга киришти.

Райкан акырын туруп эшикти түртсө сыртынан бекитишиптир. Акырын терезенин түбүнө келди. Колуна бычактын сыныгы урунду. Терезе эки жакка ачылгандыктан акырын бычакты салып түртө баштады. Бир маалда терезенин бир жагы ачылып кетти. Анан салаңдатып кызын ылдый түшүрүп буту жерге тийгенде, терезенин кырындагы уулун ала койду. Бактыларына жараша күүлдөп мас болуп жүрүшүп дарбазаны жаппай калышканбы, ал ачык экен. Улам тездеп, салып уруп жүрүп отуруп классташы Зумраттыкына жетип келишти. Бутунун учу менен күн чыгыш тараптагы терезеге жакындап, айлананы саамга тыңшап айнекти черткиледи. Үй ичинен дабыш жок. Бир жакка кетип калышканбы деп жүрөгү опкоолжуй түштү. Кайрадан колун суна бергенде «Бул ким?» — деген үн чыгып, үйдүн жарыгы күйүп, бирөөнүн терезеге келгенин көрдү. Ал уйкулуу көзү менен турган классташы Зумрат эле. Адегенде тааный албай, анан

бир оокумда Райкан экенин билгенден кийин эшикке кийинип чыгып аларды киргизди. Оор тагдырга кабылган классташы буркурап ыйлап жиберди. Окуянын чоо жайын түшүнгөндөн кийин Зумрат аларды аяй карап, бактысыз классташына боору ачып, төркү үйүнө төшөк салып берип, жаагын таяна ойго батты.

Экөө чогуу окуган. Бала күнүнөн бири-бирине жакын эле. Кийин Зумрат окууну бүткөндө өз айылына турмушка чыккан. Багына жараша күйөөсү да жакшы болуп келинчегине үйрүлүп турчу. Экөө тең оокатка тың болгондуктан өткөн жылы машине алышкан. Ошол жылы Бишкекке соода сатык кылганы картошка жүктөп барышып, Райкандардыкына эки күн жатышкан. Ошондо анын күйөөсү Кубанды көрүшүп, адамгерчилик сыйына ыраазы болушуп, «Ырас тарбия көргөн жердин уулу экен» — деп кайтышкан. Райкандын үч айдан бери бул жерде экенин билсе да бара албай койду. Бир жолу анын энеси:

— Көлдүк күйөө бала бирөөнүн үстүнө кирип алыптыр. Сен, классташыңа жолукпай эле кой! Эки баласы менен алып келдик. Өзү деле чүнчүп жүрөт. Кийин жай сүйлөшөөрсүңөр деген. Ошентсе да «Чын эле ушундайбы? Аяшы деле анча жаман эмес эле го?» деген ойдо калган. Бирок классташынын энесинин өз оозунан бул сөздү уккандан кийин бир топко ишенбей жүрдү. Көрсө кара мүртөз адамдардын жасаган окясынын өзөгү ушундай турбайбы — деп күйөөсү Мелисти ойготкону үйгө кирди.

Таң куланөөк салып жерге жарык түшө баштаганда артынан чаң түтөткөн жеңил машина айыл четиндеги чоң дарбазалуу үйгө келип токтоду. Ичинен көзү заарга толгон кабелтең адам түшүп дарбазаны какты. Жаңыдан туруп уй саaганга кам көргөн келин эшикти ачты.

— Жол болсун жеңе, кече кызыңарды киши өңдөнүп жеткирип койуп, кайра жаш баланы алдагансып ката койгонуңарды кандай деп түшүнсөк болот?

— Эмне болду?

— Эмне болмок эле? Түн бою үйдө болчу, балдары ыйлаганынан ага киргизип бергенбиз. Бир маалда карасак жылан сыйпагандай жок.

— Эмне кылмак элек? Колуңа салып берсек коё берип жиберсең?

— Мени эмне келесоо деп турасыңарбы? Ушинтип пайда тапканга көнүп калгансыңарбы? Мындай жооптуу күтпөгөн Райкандын жеңеси ыза боло түшүп, маңдайындагы эркекти беттен алды.

— Эмне деп жатасың? Таң атпай келип кекеткендей кандай акың бар?

— Мен канча бердим, ошону төлөп бересиңер! Анан сүйлөшөбүз — деди да, машинасына түшүп жөнөп кетти. Сарысанаа болгон келин үйгө кирип, кайын энесине Райкандын качып кеткенин кабарлады.

— Ал ушул эле жерде болуш керек. Асан да ачуулуу кетти. Эмне кылабыз? Эгерде элге билинип калса анда шерменде болдук, эптеп таап, Асандын оозун басыш керек. Капысынан кара беттикке салса биз жокто үйдөн келип, күч колдонуп алып кетиптир деп, күнөөнү ага оодара салбайбызбы, — деп келини кайын энесине көзүн кысып, тапкан акылына маашырлана кетти.

— Мен башында эле айтпадым беле? Койгула — деп, акыры бул иштин бүтпөсүнө көзүм жеткен — деген Райкандын иниси башын шылкыйтып, тунжурады.

— Көрсөң, мунун акылдуу болуп кеткенин, учурунда эмне айтпайсың? Сен деле кошо аралашпадың беле, же Асандын бергенинен алган жок белең? — деп, алкынган энесине унчуга албады. Үй жымжырт. Баардыгы унчугушпай эмне кылабыз — деген ойдун туткуну болуп турушту. Алар үчүн кандайдыр бир коркунуч босогодо тургансыды. Акыры Асандын оозун басып, аны менен кеңешип иш кылалы — деген чечимге келишип, Райканды тымызын издөөгө өтүштү.

— Эми мындай. Болоор иш болуптур. Эртең менен уйду бадага кошоюн деп барсам, ошол жердеги аялдар

айтышты. Тигилер дүрбөлөң түшүп издеп жатышыптыр. Сен качып чыккандан кийин эле силерди камаган үйдөн оокат алам деп кирген келин салынган төшөктөн сени менен балдарыңды таппай, терезенин ачык турганын көрүп, бакырып жибериптир. Ошондон ызы чуу болуп үйүңө чейин барышып айлалары кетип жатышат. Асан аяшыбыз милийсага жетсе эмне деген күндү көрөм деп айласы кетип турган учур. Зумрат Райканга тийише тамашалай сүйлөдү. Ансыз да коркуу сезими келип, жүрөгү дүпөйүл болуп турган Райкан классташына үмүттүү карады.

— «Бул деле айта койбос. Балалык күндөгү таттуу мамилени унутпаса» — деген ойго чөмүлүп, аяшы Мелисти карады. Ал да ойго батып кетиптир. Ортодо жымжырттык. Анан ошол саамда:

— Ай экөөң эмне жаман катындай башыңарды жерге саласыңар? Эми тамашаны биз баштайбыз — деген Зумрат күлүп жиберди. Анын чын дилден маңдайы жаркып күлгөнүнө Райкандын жүрөгү туйлап кетти. Ишеничтүү көз карашка көңүлү толо түштү.

— Эми мындай. Энең, эжең, жеңелериң мага да келбей койбойт. Айылдан чыкчу ар бир машинени аңдышат. Андыктан аларды эки, үч күн түңүлтүп, сенден үмүттөрүн үзгөн соң кошуна айылдагы аяшыбызга салабыз. Ал көлдөн алма алып келгени жатканын кечээ айтып кеткен. Мелис экөөбүз ошого сүйлөшүп, эртең түн менен ошол айылга жеткиребиз. Буюрса аны менен кете бербей жаның жокпу өзүндүн Кубаныңа. Зумрат ичинде бирөөнүн тагдырына боору ооруп турса да, чочулаганы менен ушундай чечимге барганына кайрадан ыраазы боло кетти. Анткени бир үй бүлөөнүн түбөлүктүү очогун кайрадан тутантып аяш балдарын сагынган тууруна кондурганы жатпайбы.

— Ыраазымын. Райкан мындай асыл сапаттагы адамгерчилик кылган классташын кучактады. Көзүнөн жашы мөлт этип, жүзүнөн ылдый томолонду.

— Ошентип эртеңки түнгө чейин менин үй түрмөмдөсүң, — деген Зумрат күлүп жиберди. Бул чын

дилден чыккан күлкү, алдыдагы үмүттүү кубанычтын күлкүсү эле.

## 10

Түн момурап, асман сансыз жылдыздарга толгон. Кошуна айылга чогуу келген Зумрат Райканды эки баласы менен машинага салып жатып:

— Кош досум. Сары санаа болбо! Кубан сени кечирет. Сени күтүп жатышкандыр. Тезинен жөнө! Бул жактан камтама болбо. Баары жайында. Сенин эки күн үйдө жатканың жакшы болуптур. Издебеген жери калбаган соң, түңүлүп калышты. Эми бактылуу болгула — деп, Райканды кучактады. Машина дүрүлдөп от алып, Райкан кабинага отурду. Түнкү дүйнө. Кош жарык чаңдуу жолду сылап, ылдамдыгын алган машина жүрүп барат. Ортосуна кызын отургузуп, алдына уулун алган жаш келин жолдон бирөө кармап алчуудай болуп жүрөгү оп-коолжуп бара жатты. Бир аздан кийин катуулаган машина өзүлөрүнүн айылынан өтө берди. Ошондон кийин гана санаасы тынып үшкүрүп алганы менен, дале машина алыстаса экен деп чыдамы кетип барат.

Терезеге тигилди. Ушул айылда элдин сый урматына татыган асыл адамдар, эртеңки турмушка кадам койо турган улан-кыздар менен, үч айдан ашуун тагдырын чүкөдөй өкчөгөн үй-бүлөсү бар экенин эстеп, эми мындан ары бул жерге кайрылбастыгын ойлогондо ичи сыйрылды. «Эми эмне кылам? Кубан мени кечирээр бекен? Байкуш кайынэнем, эмне болсо да көңүлү калды го. Мындай болоорун кайдан билдим?» деген ойго чөмүлдү жол сапарында. Уулу Нурлан мемиреп таттуу уйкуда. Жол караган Зумраттын аяшы да, рулду тегеретип өзүнчө ойго батып кеткенсийт. Аяшы Мелис түшүндүргөнбү, айылдан чыккандан бери бир да кеп салган жок. Жол арбып, ылдамдаган машине улуу тоолордун койнуна сүңгүп кирди. Ошол бойдон жүрүп отурушуп, таңга маал көл кылаасына жетип келишти. Балыкчынын четки көчөсү менен жүрүп бара жатканда, машинаны токтоттуруп суранып жерге түштү.

Коюн, кончун аймалаган таңкы абадан кере жутту да, көлгө тигилди. Касиеттүү көл таң алдында, майда ак жал толкундарын жээкке айдап жаткан экен. Көөдөнү мууна көзү жашка толду. Жорткон жел бакдарактын жалбырактарын шыбырттатып, көл менен сырдашып, жээгине келген адамга сүйүнүчүн билдирип тургансыды.

Ооба, алардын сүйүүсүн данакерлеген ушул көлдүн жээгинде, не бир таттуу күндөрдү өткөрүп, түбөлүккө кол кармашышпады беле. Ушул көлдүн жээгинен балдарын жетелешип бапырап таттуу күндөрдү өткөрүшкөн. Ооба, баарына ыйык көл эне күбө болчу. Ушундай ойго чөмүлүп, көлдүн суусунан кочуштап жүзүн чайыды. Ошо тапта чакырык кылган машинанын сигналы угулду. Эмелеки ойдон арыла башын өйдө көтөрүп кайрадан машинага түштү. Бир аздан кийин күлүндөп күн да чыга келди. Анын нурлары көлгө түшүп, түн бою бири бирин сагынышкан эки ашык аймалашып жатышкансыды. Ошондон бир сааттын аралыгында дүпүйгөн бактуу Чолпон-Ата шаарына кирип барышты. Чоң көчөдөн бурулган машина алгач ирээт келин болуп келип, ак дилден каалоо айтылып, ак шалпар жоолук салынган дарбазанын түбүнө келип токтоду. Машиненин дүрүлдөгөнүнөн, эрт туруп короодо жүргөн кайын энеси эшикке чыга калды. Уулун көтөрүп, кызын ээрчитип кирип келе жаткан келинин көргөндө бир азга дендароо боло түшүп:

— Айланайын, Райкансыңбы? Чын эле көрдүмбү? Келдиңби берекем — деп, буркурап ыйлап жиберди. Эненин эки арык ийини солкулдап, жедеп күтүүдөн, сагынычтан кызарган көздөрүнөн жүзү ылдый жаштары куюлуп жатты. Аңгыча адатынан эрте турушкан бул үй-бүлөө чуркурашып, кайрадан кайтып келген Райканды биринен сала экинчиси кучактап, сүйүнгөнүнөн ыйлап жатышты. Жаңыдан жумушка даярданып жаткан Кубан, эмне болгонуна түшүнбөй, көргөн көзүнө ишенбей, саамга туруп калды. Ошо тапта Райкан «Кечир мени Кубан» деп буркурап ыйлап жибе-

рип, анын кучагына боюн урду. Чоң ата, чоң эне неберелерин моюнунан жыттап үйдү көздөй жөнөштү. Бактылуу үй-бүлөө бапырап көл энедей толкуп, ташып турду. Эс тартып калган Мунара, «чоң эне» деген сөздү араң айтканга жарады. Көкүрөгүндө калган тагын ыйы менен жууп жаткансыды. Ооба, ошентти. Көл шыбырттап, кайра тутанган бул үй-бүлөөнүн очогуна тилегин айтып тургансыды.

*Чолпон-Ата — Балыкчы — Нарын*
*1998—2001-жыл*

## ГҮЛ ЖАНА ЭЛЕС

(*Карындашым Чынардын эстелигине арнаймын*)

Жол боюндагы алыс эмес көрүстөнгө жыл сайын келем. Баардык тирлик ушул жерден бүтөт... Кечээ эле тирүү жүргөн айрым адамдардын элестери көз алдыга тартылып, бүгүн минтип кара жердин астына жатып калгандарына аргасыздан жүрөк тыз деп, көңүлүң түтөйт. Ооба, бул жерде менин эң жакыным, жатындашым, бир тууган карындашым жатат. Тегереги гүлгө чулганган тосмого жакындай таш бетиндеги сүрөтүнө тигилип, ичимен арбагына багыштап куран окуп, бетиме бата тартам. Ал гүлкайырдай кезинде кырчын өмүрү кыйылып, төрөттөн каза тапты.

Келген сайын гүл тигилген отоо чөптөн арылтып тазалай кетем. Өзү да гүлдү кара жанындай көрчү эле. Ошол гүлгө арналган бир окуя эсимде калыптыр.

2

Теребел көшүп, айлана буркураган көктүн жытына толуп, эңги-деңги кылат. Адаттагыдай эле бул жолку сапарыбыз таң эртеңден башталды.

— Байке, тоо тарапка барып келсек не болот? Сай жээктери, тоо этеги кылкылдаган кызгалдакка толсо керек ээ — деп, бир чети өтүнүч кылып бажырая күлдү.

Кантсе да бир туугандарымдын ичинен эң жакыны ушул кыз эле. Ырдаган ыры, чимириктей бийлегени көз кандырып, көңүлдү ээлеп алчу. Ошондо ичимен, «Курган кыз. Бул эмне мынча шайыр? Суук көздөрдөн алысыраак болсо экен» деп, түйшөлүп тынчым кетчү. Ошол күнү айткандай эле айдалгандай кызгалдактардын тобуна туш болдук. Узундуу күнү кечке кучагыбыз толгуча терип, жол бою төмөндөгүдөй ырдап келдик:

Микробу жок тоолордун арасынан,
Чындык жашайт наристе үнү менен.
Атыр жыттуу арчалар арасынан,
Кетесиңби сулуу кыз мени менен.

Ушул ыр эми түбөлүк жан шеригимдей болуп калды. Бул ырды укканда бажырайган кой көз, сындуу карындашымды эскерем. Ошондон көп өтпөй эле белгисиз таанымбаган жакка ала качып кетишти. Жыл айланбай көз жумду. Кайгыга муунуп, капталым эңшерилип калды.

Көр-тирлик үчүн өлбөчүдөй жан алакетке түшөбүз. Акыркы бир жазган катында «Байке мен көнүп калдым. Бул жактын тоолору да гүлгө бай экен. Бирок өзүбүздүн тоолордукуна кайдан жетсин» деп үлбүрчөк гүлдүн таажысын конверттин ичине кошо салыптыр. Андан бери эчен өмүрлөр агылып, жылдар жашыбызды уурдап, мезгил камчыланып, күүсүндө. Жазды сагынам. Анткени келчү жазда карындашымдын өчкүс элеси бар. Гүл жыттанып, гүл сүйгөн карындашым мени менен жанаша гүл терип жүргөндөй сезиле берет. Ооба ошентет.

## АКЫРКЫ ЧЕЧИМ

(*аңгеме*)

Баятан бирин-серин дыбырттаган жаан эми өчү бардай үй түбүндөгү дарактын жалбырактарын тарсылдатып сабай баштады. Терезени тырсылдата черткиле-

ген жаан үйдөгү жалгыз балага боору ооругандай ыйлап жаткансып, айнек бетинде сарыгып ага баштады. Ошо саамда бүт асман кулап түшкөндөй күн күркүрөпчагылган карарган булуттарды тилип өттү. Корккону-нан энтиккен бала үйдүн бурчуна корголоп ыйлап жиберди. Ал бүгүн да күтпөдү беле. Кечээ таң эртең-ден энеси, «Саматчик азыр эле келе калам» деп баягы кара киши менен машинага түшүп кеткен. Узунду күнү кечке жол боюндагы шоодай теректин түбүндө көзү карыкканча күтүп узакка отурду.

Түнкүсүн коркуп жалгыз мышыгын эш тута уктабай таң атырды. Анан бир ookумда алкымы жашка буулуп, дубал боорундагы атасынын сүрөтүнө тигилди. Элдир-селдир атасын билип калды. Ал эң эле арык эле. Көрсө ооруп жүргөн тура. Ар күнү жылааланып кийинип үй түбүндө отурчу. уулун өзүнө жакын жолотчу эмес. Көрсө оорунун шарты ошол тура. Кийин кошуна эне, жугуштуу оору деп айтып жүрбөйбү. Ошол окуур жылы бир түндө үй ичи дүрбөп, энесинин жүрөк сыздаткан ачуу үнү уктап жаткан жеринен чочутуп ойготту. Көзүн ушалаган бала атасын тегеректеп отурган көп кишини көрдү. Далдырап эс учунан кеткен баланы кошуна Сүйүн эне:

— Оо куу тумшук. Эмне отурасың? Ал таякты! Боз үйдүн түбүнө барып жакшылап өкүр — деген ый аралаш үнү кандай эшикке чыгарганын билбей калды. Ал күнү дүйнө дүлөй болуп калгансып, чарымдай булуттардын арасында күн ымырттайт. Бир гана муунжүүнү бошоп эс талма болгон энеси, анда санда кошок кайрыганы болбосо теребел жымжырт. Көрүнгөнгө жалдырап, көзүн тиккен бала, өзүнүн эле жакын байкелери Өктөмдүн ыйлабай жама жайынан шилекейи чачырап «Бечара ырас болду. Көзү кыйналбай кеткенине шүгүр. Көңүл айтканыңа ыракмат.» деп жанындагы досуна ыраазы болуп, чечиле каткырганын көрдү. Анан балалык кыялында «Кызык. Бул эмнеси? Бири ыйлап жатса, экинчиси күлө бергени?» деген ойдо калган. Сөөк коюлгандан кийин баягы анда-санда

көрүп жүргөн кара киши жерден боорун албай көпкө ыйлады. «Атамдын досу байкеме караганда жакшы турбайбы» деп койгон.

Өлбөстүн күнүн көрүп күн кечирип жатышты. Кара киши үйгө көп келип «Кой Сабира. Өлгөндүн артынан кошо кеткен эч ким жок. Андан көрө Саматтын тагдырын ойло. Мен да колдон келген жардамымды берем» деп, баланын башынан сылаган. Кийинчерээк ал да түнкүсүн көп келчү болду. Келген сайын бирден бөтөлкө арагы даяр. «Ич Сабира! Ачууну ачуу басат» деп стаканга толтура куйчу. Адегенде эптеп эле эрдин тийгизген энеси, кийин толугу менен бошото берчү болду. Мындайда бала энесин жипкирип ата тиктечү. Энеси жайдаңдап баланын көңүлүн жубата баштачу. Барган сайын баягы кара кишиге көңүлү сууп көзүнө жаман көрүнө баштады. Анткени энесин ошол ичирип жатпайбы.

Бир жолу кошуна Сүйүн эне «Ботом Сабира көп иччү болдуң. Эмне эриңден көзү өткөнүн арак менен жоктоп жатасыңбы? Токтот! Баланын жүрөгүндө калат» деп кыйырлай кеп кылганда жаш келин үнчүкпай кутулган. Акыркы күндөрү бала талмоорсуп көп ооруйт. Түшүнө атасы кирет. «Баягыдай эле арык экен. Уулун жүзүнөн сүйө атына өңөрдү. Ошол тапта кайдан жайдан белгисиз баягыл кара киши колундагы шамшары менен көкүрөк тушуна малып алды. Аппак көйнөгү кызыл жаян болуп, атасынын көзү аңтарылып бара жатты. «Ата» деп чочуп ойгонгон бала үйдүн төр жагында энесинин аппак төшүн аймалап жаткан кара кишини көрдү. Шаңкылдап күлкүсү чыккан энесинин көңүлү шат. Анардай тамылжып кызуу экен. Соксойтуп башын көтөрө койгон уулун көргөн келин:

— Эмне Саматчик чочудуңбу? — деп этек жеңин кымтылай тура калды. Баягы кара киши кайра асылды. Оордунан атып турган бала үстөл үстүндөгү жарты аракты алып ыргытып:

— Кет! Кеткиле — деп ыйлап жиберди. Бул окуя бир жума мурун болгон эле. Өзүн күнөөлүү сезген эне-

си уулунун кийим кечегин жамап-жаскап үйдөн чыкпаган. Эми минтип кечээтен бери жок. Мектепке да көптөн бери бара элек. Анын да себеби болуп калды. Өткөндө өзүнүн классташы Муктар экөө уруша кетсе, «Сенин энең ичкич. Көрүнгөн жерде мас болуп жүрөт. Ал үйүнөргө келген кара кишиге тийет» деп, алка жакадан алган. Корозчо үтүрөндөшкөн экөөнү Кубат агайы араң ажыратып калган. Ал ошондон бери үйгө көп каттайт. Кийинки келишинде, «Эгерде баланы мындай кароосуз калтырсаңыз, жатак мектепке алабыз» деп, энесине катуу айтып чыгып кеткен.

Бала ушуларды ойлоду. Ушул үйдөн дубал боорундагы атасынын сүрөтүн алып чыгып кеткиси келди. Кайрадан айлана жапжарык болуп чагылган чартылдады. Үй түбүнө бирөөлөр келгендей дабыш чыкты. Эшик шарт ачылып, чачы саксайган энеси көмкөрөсүнөн кулап түштү. Жүгүрүп жеткен бала энесин колтуктап тургуза бергенде, сасыган арактын жыты көңүлүң айнытып жиберди. Бала оолактай берди.

— Кечир мени Саматчик. Корктуңбу? — деп тилин чайнаган энеси окшуп жиберди. Эртеси таң эртенден агайы үйгө келди. Көзү балжырай шишиген энеси:

— Бербейм, — деди көгөрө.

— Бала чечсин эже — деди агайы көшөрүп. Оюна бир нерсе кылт эткен бала дубал боорундагы атасынын сүрөтүн китеп кабына салды да, энесин жекире — Кетем! — деди. Ошондон бала агайын ээрчип көрүстөндөн жүз аарчысына атасынын бир ууч топурагын түйүп алып, түш оой Караколго кетчү автобуска агайы экөө түшкөнүн көргөндөр айтып келишти.

## БОРООНДОГУ АЯЛ

(*аңгеме*)

Үтүрөйгөн суук түн. Айлана коргошундай салмактуу булуттарга чулганган. Береги күдүрөйгөн тоолор да элес-булас көрүнүп, көңүлгө кандайдыр бир коркунучту алып келгенсийт. Тоо түбүн этектеген өзөн үстүн калың муз каптап, астында кимгедир арыз муңун айтып жаткандай суу да күңгүрөнө агылат. Ошол тоо түбүндөгү жол боюнда колунда оролгон жаш баласы бар келин суук күчүнөн кайыгып бара жатты. Барган сайын бороон күчөп, сампарлап жааган карды чалды-куйду кубалайт. Бир маалда бөбөк үшүп кеттиби, чукуранып кыңкыстай баштады. Улам бетин ача деми менен жылыткансыйт. Ыктоо жер болсо эмизип алсам дегенде эки көзү төрт.

Уңулдаган бороон үнүнөн кандайдыр бир дабышты эшитти. Жакшылап тыңшады эле машинанын үнү экен. Сүйүнгөнүнөн денесин майда калтырак басып, өчкөнү турган оту тутанаарына ишеним пайда болуп, көөдөй түндү көзөгөн кош жарыкты тосуп чыкты. Ал тебеленип калышынан да коркподу. Жарыктан тобокелдикке салып басып келген немени ашата сөгөйүн деп, бирок жаш балалуу аял экенин көргөндөн кийин, айдоочу жардам берип кабинага киргизди. Келин сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди. бул айдоочунун адамгерчилигине болгон ый эле.

«Кой балам, ыйлаба. Силердин бактыңар тоодой. Ый жакшылыктын жышаанасы эмес» деп термостогу ысык чайынан берди. «Аа, менде кайсыл бакты. Түн катып үйүмөн куулуп чыксам» дегендей ичи сыйрыла түштү. Деген менен ысык чайдан кийин чекеси нымшып тердеп, баласын эмизе кетти. Машине ордунан жылып, терезеге соктуккан кар бүртүндүлөрү сарыгып агып жатты.

Жинденген жоон топ бороон «Келе биздин түнкү шеригибизди таштап кет» — дегенсип, жарышып келе жатты. Сапарлашынын түн баласында суроо салбады.

Терең ойго чөмүлгөн жаш келин өткөн күндөрүнүн элестерин көз алдына тартып, анда санда оор үшкүрөт. Май айынын акыркы күндөрү. Айлана көк жашаңга чулганып талаанын саймасындай сары каакымдар жорткон жел болсо теребелге буркураган жытын себет. Таштан ташка урунуп серпилген тоо суусу тээ төмөнгө түшкүчө, бышылган сабадагы кымыздай быжылдап, кере жутсаң мээ какшатат. Анча бийик эмес торпуда торолуп калган козуларды кайтарып жүргөн Назира төмөндөгү түтүн жыттанган айылга көз салды. Ошо тапта теңтек жел буркураган ысык нандын жытын келтирип, өз айылына болгон сагынычын арттырып жиберди.

Ана, тээтиги көккө шиштей сайылган чокулары бар ак кардуу тоонун ары жагындагы жашыл өтөктө алардын айылы. Көктөмүндө көпөлөк кубалап, караганга буттарын тыттырып ошол жерде чоңойгон. Баарынан асыл энеси ошол айылда. Атасынан эрте калды. Көз алдына өткөн-кеткен элестеп, оюу бир жерде турбады. «Буюрса эки күндөн кийин жумуш бүтөт. Анан каникулга үйгө жөнөйбүз» деп сагынычы артып оор үшкүрүп алды. Ошол тапта түпсүз кыялын машинанын дүрүлдөгөн үнү бузду. Коктунун таманындагы сокмо жолго кызыл «москвич» келип токтоду. Бирибири калышпаган үч жигит өйдө чыгып келе жатышты. Улам аралык кыскарып жакындай беришти. Өтө эле кооз кийинип алышкан тигилерди көргөндө адегенде кысына түшсө, анан кыздык намысына келип чыйрала түштү. Сыягы жаңыдан эле аскерден келген жигиттер окшойт. Эптеп энтиге чыгып келишкен жигиттердин ортоңкусу өтө эле шайдоот көрүнөт:

— Оо чоң кыз. Энтеңдетпей берилеп койсоңуз боло.

— Этектей жерге чыга албасаңыз эмнеңиз эркек — деген Назира сөзү менен өттү. Бет алдындагы кара көз бийкечтин оңой эмес экенин, тамаша ыргыткан жигит жаземдебей түшүндү. Саамда суйсалган кара торунун сулуусун көрүп дабдырай түштү. Ышкындай солкулдаган денесине жаштыктын, эңсөө курамына азгырган, тирсийген көкүрөгү, эликтикиндей түп-түз буттары,

тентек желге таралып тургансыган саамай чачтары, ууртундагы кош чуңкуру менен карагат мөлтүр көздөрү көркүнө көрк кошуп турду. «Жараткан, ушундай да сулуу кыз болобу?» деп үч жигит кайсалап сөз таппай калышты.

Ошентсе да ойлорун бир жерге жыйынтыктабады жанагы жайдаңдап сөз башы болгон жигит:

— Айып этпеңиз. Туулган жердин кудурети укмуш тура. Эки жыл эл жерден четтеп жүрүп, эми сагынычыбыз артып келген учур. Анан сиздей бийкечке жолугуп отурабыз.

— Келгениңер жакшы. Кана кобурай бергиле.

— Өзүңүз кай тараптан болосуз?

— Жерлигим тээтиги күн чыгыштагы айылдан. Нарындагы педагогикалык окуу жайында окуймун.

— Ошондой деңизчи. Анда таанышттык. Үч жигит өз аттарын айтышып, көк шиберге кыңая кетишти.

Кыз жүрөгү элеп-желеп болуп, буга чейин жигиттер менен сүйлөшпөгөн неме бети чымырап, өз боюн аяр кармап, бирок ар сөзүн салмактай орундуу сүйлөп жатты. Алар ошентип таанышышты. Сөзмөр жигиттин аты Кубаныч болуп чыкты. Жанындагы эң эле жоошу Болот — деп өз атын айтканга араң жарады. Ошо саамда тике караган Назирадан көзүн ала качып, алдындагы көк шиберди уйпалап аргасы кетип бара жаткансыды. «Ой бул эмне мынча шөмтүрөйт ыя? Араң эле жаны бар го?» деген кыз ичинде мыскылдаган. Көрсө кийин гүлдөй өмүрү анын кол алдында уйпаланып калаарын кайдан билиптир.

Ал күнү ар нерсеге жобурашкан жигиттер, кетээр күнү Назираны Нарынга чейин жеткирип коюшаарын эскерте кетишти. Адегенде шекшине түшсө да «Мени эле ким карап отуруптур. Жөн эле таанышканы келишкен го. Кыздын көңүлүн алуу ар бир жигиттин ойунда бар эмеспи» деп койгон. Көрсө алар алдын ала тор тартышкан тура. Күн кылкылдап уясына батып бара жатты. Барган сайын көз байлаган караңгылык кирип, табигаттын сулуулугун даңазалап жаткансып,

дырылдаган саратан үнү угулат. Көөдөй караңгы түн кирип, асман бетинде седептей жылдыздар жымыңдап турушту. Тээ алыста бирин-серин түн жарып үргөн иттердин үнү болбосо теребел көшүп турду. Кыз жүрөгү бир нерсени сезгенсип ойу бир жерге турбайт.

Баятан кыз жанынан узаган үч жигит өз ара кеңеше башташты.

— Эч нерсе эмес. Көрбөй деле ала качып келгендер бар эмеспи. Ага караганда бир ирээт көрүп алдың. бизге көнүп берсең баары жайында болот да калат:

— Мен бир аз чочуп турам достор. Эгер отурбай койсочу?

— Ушу сенин азабың өттү. Кандай эле кыз отура коёюн десин. Ал үчүн аракет керек — деген досу жылмая берди. Жеринен андай ишке беттеп басып бара албаган Болот алардын алдында унчукпай отуруп берди.

— Ии ошентсең. Бизге гана ишенсең болду. Баары жайында болот.

— Аа энемчи? Мен ал кишини сөзүнөн чыга албаймын.

— Өткөн отурушта деле энең Болотумду үйлөнтүп алсам бир милдетимден кутулам дебеди беле. Андай болгондон кийин эмне тарткынчыктайсың. Каадаланбай ылдамда! Эки күндөн кийин кетет экен. Колдон чыгарып жиберебиз — дешкен жигиттер бар аракеттерин жасашып, далбас урушту. Эч убакта кенедей ишти өзү чече албаган Болот алардын алдында унчукпай отуруп берди. Эртеси түш оой кайрадан козу кайтарып жүргөн жеринен зордуктап ала качып кетишти. Бирок ойлогондой болбой иш чатагына айланып «Бир ооз кеп кылбай, өз билгениңерди жасайсыңар» деген Болоттун энесинин кекетүүсүнө дуушар болушту. Бир жагынан кыз отурбай алакетке салды. Акыры алкынып жулунган жигиттин энесин айланадагылары айласын табышты көрүнөт. Бирок өзүмчүл кемпир ичине кегин түйүп «Бара көрөбүз шерменде. Мени оңой турсаң керек. Ийиңе гана киргизээрмин» деп ичинен өзүнө-өзү убада берип жатты. Эмки маселе келинди

отургузушта калды. Көптү көргөн кошуна Сайкал эне чыдабай, көшөгө ичинде алышып отурган Назирага кирип:

— Балам көктүгүңдү кой. Таш түшкөн жеринде оор дейт. Бир ирээт сеңселген ак чачымды сыйлачы. Мендей деле энең бардыр. Батамды берейин — деп алаканын жая маңдайында отурду. Ушу саамда бир аз тынчый түшкөн Назира алдындагы көзү шоролонгон кемпирди аяп кетти. Көз алдына энеси элестеп, «Кой балам. Босогону аттадыңбы, аттагандан кийин акылыңа кел! Адамдык абийириңди кетирип, жаман көрүнбө. Тагдырдын жазмышы ошол. Бөтөн бирөөнүн каргыш-илкишине калба. Сен эстүү эмессиңби» деп кулагына шыбырап жаткансыды.

Ичинен жүрөгү сыздап турганы менен, тагдырына моюн сунуп отуруп берди. Баятан көзүн албай, эмне деген сөздөрдү айтып ийет деген кемпир, алмончоктой кыздын жоошуй түшкөнүн көрүп «Бечара ай. Сөөгү таза, эне тарбиясын көргөн кыз экен. Оңбогон Бурул, Эми ушуга өчөшпөй тарбияласа» деп дилинде аяп турду. Бирөөнүн багын байлап зордоп жоолук салгысы келбей кетти. Саамда, «Элдин баары мени карап ишенип отурушат. Алардын үлпүлдөп турган үмүтүн суу сепкендей өчүрөмбү?» деп акыры намыс деген чоң күчкө алдырып колундагы ак жоолукту башына салды.

«Баракелди Сайкал эне. Жүрөгүбүздү ысытып, намысыбызды алып бердиңиз» деген көпчүлүк күүлдөп кетишти. Бир гана кайын эне болуучу кемпир айласыздан унчукпады. Өз тагдырын кимге тапшырганын билбеген кыз, жоолук салган ак чач кемпирди кучактап ыйлап жиберди. Ал бүгүн биринчи жолу, өзүң көк деңиздин ортосунда канаты сынып калган ак куудай сезди. Жалгызсырап жүрөк түпкүрүндө муңканып жатты.

### 3

Кайын эне каардуу киши болучу. Аны ушул үйдүн босогосун аттаган күнү эле билген. Таң куланөөк салып, жаш колукту менен күйөөсү кызуу уйкуда эле.

Ошо тапта эшикти шарт ачкан кайын эне силкине үйгө кирип: — Өлүк-тиригиңди гана көрөйүн десе. Тур! Катынга эми жетип калсаң да, уйду бадага кош! Тигинисин карасаң, мага тим эле Курманжан даткадай керилет — деп заарын чача чыгып кеткен. Адегенде таарына түшсө да «Мейличи, Болот айткандай жалгыздык аны ушундай кара мүртөздүккө алып баргандыр» деп койоор эле. келин болгону астынан кыя басып өтпөй көңүлүн алууга аракеттенип да көрдү. Бирок жаңылышканын кийин түшүнүп отурат. Акыры түн баласында минтип үйдөн куулуп чыгаарын кайдан билиптир. Ушуларды көз алдынан өткөргөндө Назиранын жүрөгү мыкчылып, ушул түнкү бороондой дили суук адамдардан алыстап баратканына каниет кылат. Канчалык ойлобоюн десе деле өмүрүнүн ар коркдуу күндөрү көз алдынан алыстабай туруп алды. Үйдөн катуу толготуп келген күнү эс учун билбей калыптыр. Аны жанындагы келиндер айтып жүрүшпөйбү. Күйөөсү да жеткирип келген. Аман-эсен көз жарып алгандан кийин, өз алдынча чүнчүп, тиги келиндерден айбыгып жүрдү. Себеби төрөгөндөн бери үйү тараптан бир да киши каттабайт. «Аларга эмне болду? Билбей калды дейин десе эркек төрөгөнүн сүйүнчүлөп күйөөсүнө алакандай кагаз түшүрүшкөн экен». Деги ушундай кыжаалат суроолордун түбөлүк туткуну.

Жанындагы келиндерге шатыра-шатман келип жаткандарды көргөндө, алардын бактылуу бешенелерине ичинен тымызын суктанат. Аны менен үч келин жатчу. Назиранын төрөгөндөн беркиi кебетесине серп салып жүрүшкөн келиндер кийин көп кийгилишпей, көңүлүн көтөргөнгө аракет кылышчу. Ошентсе да жанындагы кепти чучукка жеткире айткан Нурбүбү деген келин бир жолу:

— Ботом, Назира үйлүү-жайлуу немесиңби? Мал жоголсо деле йздешет тура — дей бергенде беркиi келиндердин «Анын сага эмне кереги бар?» дегендей көз караштарынан жаагы жап болгон. Ошондон бери ал келин өзүн күнөөлүү сезип жүргөнсүйт. Деген ме-

чыдабай, көшөгө ичинде алышып отурган Назирага кирип:

— Балам көктүгүңдү кой. Таш түшкөн жеринде оор дейт. Бир ирээт сеңселген ак чачымды сыйлачы. Мендей деле энең бардыр. Батамды берейин — деп алаканын жая маңдайында отурду. Ушу саамда бир аз тынчый түшкөн Назира алдындагы көзү шоролонгон кемпирди аяп кетти. Көз алдына энеси элестеп, «Кой балам. Босогону аттадыңбы, аттагандан кийин акылыңа кел! Адамдык абийириңди кетирип, жаман көрүнбө. Тагдырдын жазмышы ошол. Бөтөн бирөөнүн каргыш-илкишине калба. Сен эстүү эмессиңби» деп кулагына шыбырап жаткансыды.

Ичинен жүрөгү сыздап турганы менен, тагдырына моюн сунуп отуруп берди. Баятан көзүн албай, эмне деген сөздөрдү айтып ийет деген кемпир, алмончоктой кыздын жоошуй түшкөнүн көрүп «Бечара ай. Сөөгү таза, эне тарбиясын көргөн кыз экен. Оңбогон Бурул, Эми ушуга өчөшпөй тарбияласа» деп дилинде аяп турду. Бирөөнүн багын байлап зордоп жоолук салгысы келбей кетти. Саамда, «Элдин баары мени карап ишенип отурушат. Алардын үлпүлдөп турган үмүтүн суу сепкендей өчүрөмбү?» деп акыры намыс деген чоң күчкө алдырып колундагы ак жоолукту башына салды.

«Баракелди Сайкал эне. Жүрөгүбүздү ысытып, намысыбызды алып бердиңиз» деген көпчүлүк күүлдөп кетишти. Бир гана кайын эне болуучу кемпир айласыздан унчукпады. Өз тагдырын кимге тапшырганын билбеген кыз, жоолук салган ак чач кемпирди кучактап ыйлап жиберди. Ал бүгүн биринчи жолу, өзүн көк деңиздин ортосунда канаты сынып калган ак куудай сезди. Жалгызсырап жүрөк түпкүрүндө муңканып жатты.

## 3

Кайын эне каардуу киши болучу. Аны ушул үйдүн босогосун аттаган күнү эле билген. Таң куланөөк салып, жаш колукту менен күйөөсү кызуу уйкуда эле.

үйгө кирип: — Өлүк-тиригинди гана көрөйүн десе. Тур! Катынга эми жетип калсаң да, уйду бадага кош! Тигинисин карасаң, мага тим эле Курманжан даткадай керилет — деп заарын чача чыгып кеткен. Адегенде таарына түшсө да «Мейличи, Болот айткандай жалгыздык аны ушундай кара мүртөздүккө алып барган-дыр» деп койоор эле. келин болгону астынан кыя басып өтпөй көңүлүн алууга аракеттенип да көрдү. Бирок жаңылышканын кийин түшүнүп отурат. Акыры түн баласында минтип үйдөн куулуп чыгаарын кайдан билиптир. Ушуларды көз алдынан өткөргөндө Назиранын жүрөгү мыкчылып, ушул түнкү бороондой дили суук адамдардан алыстап баратканына каниет кылат. Канчалык ойлобоюн десе деле өмүрүнүн ар кордуу күндөрү көз алдынан алыстабай туруп алды. Үйдөн катуу толготуп келген күнү эс учун билбей калыптыр. Аны жанындагы келиндер айтып жүрүшпөйбү. Күйөөсү да жеткирип келген. Аман-эсен көз жарып алгандан кийин, өз алдынча чүнчүп, тиги келиндерден айбыгып жүрдү. Себеби төрөгөндөн бери үйү тараптан бир да киши каттабайт. «Аларга эмне болду? Билбей калды дейин десе эркек төрөгөнүн сүйүнчүлөп күйөөсүнө алакандай кагаз түшүрүшкөн экен». Деги ушундай кыжаалат суроолордун түбөлүк туткуну.

Жанындагы келиндерге шатыра-шатман келип жаткандарды көргөндө, алардын бактылуу бешенелерине ичинен тымызын суктанат. Аны менен үч келин жатчу. Назиранын төрөгөндөн берки кебетесине серп салып жүрүшкөн келиндер кийин көп кийгилишпей, көңүлүн көтөргөнгө аракет кылышчу. Ошентсе да жанындагы кепти чучукка жеткире айткан Нурбүбү деген келин бир жолу:

— Ботом, Назира үйлүү-жайлуу немесинби? Мал жоголсо деле издешет тура — дей бергенде берки келиндердин «Анын сага эмне кереги бар?» дегендей көз караштарынан жаагы жап болгон. Ошондон бери ал келин өзүн күнөөлүү сезип жүргөнсүйт. Деген ме-

нен таамай айтылган сөз «жети өмүрүн жерге киргизип» жиберген эле. Көп өтпөй жанындагы келиндер чыгып кетишип, өзү жалгыз калды. Аны, балага укол куюшуп эки — үч күн калтырып коюшкан. Ошо саамда «Ой айланайындар, экинчи кабаттагы үчүнчү бөлмөдөн Назира деген келинди чакырып койгулачы?» деген үн кулагына шак дей түштү. Жан дүйнөсү дүрбөлөңгө түшүп аяр сезими «Мына келчү кишилериң келди. Тур сени чакырып жатышат» деп эскертип жаткансыды. Көкүрөгүн кымтылап терезеге жакындады. Ошол замат төмөндөгү өз энесинин элесин таанып, бети ылдый жашы агып, эки ийини солкулдап ыйлап жатты.

## 4

Төрөт үйүнүн кең залында энеси экөө сүйлөшүп отурушту. «Төрөгөнүңдү өзүбүздүн айылдан бир баладан уктум. Аялы толготуп келип сени сыртыңдан көрүптүр. Угаар замат эле кайын энеңе барып чогуу чыгарып келели десем, ооруп атам-бара албайм» деп койду. Энесинин желеленген жүзүн көргөндө өмүр бою көр түйшүк менен алышкан ага ичи түтөп кетти. Кыйлага кызынын таарынычын уккан эне «Кой балам! Бир колуңдун ачуусун экинчи колуң менен карма дейт эмеспи. Аларга өчөгүшпө. Барган жериң сенин түбөлүк турун. Сөөгүң ошол жерден чыккандай болсун!» деген. Ошентип ошол күнү эне-бала эки жакка ажырап, Назира үйүнө кайтып барды. Келим кетимдер көбөйүп, бала көргөндөр арбын келишти. Чыгаар күнүнөн мурун кайын энеси төркүнү тарапка кеткен экен. Мезгил түшкө таяп калган. Бир маалда эшик күч менен ачылып, сууктун илеби менен кошо эрдин зымпыйта тиштеген кайын эне кирди. Көзү менен ата тиктеп:

— Ии, мен жокто өз билгениңди кылып тегерегиң менен киришип калгансың го? Эмне сен эле тууп салыптырсыңбы? Андай арам сийдиктер толтура. Келсин жанагы жаман эриң. Көрүшө жатаарбыз — деп жайма жайынан шилекейин чачыратып алкына кетти. Ушу таштай жүзү муздак кемпирден көңүлү калып

корккон келин, колунан алып колтуктай бергенде сасыган арактын жыты көнүлүн айнытып жиберди. Келинди көкүрөктөн ары түртүп жиберген кемпир албууттана эшик түбүнө түкүрүп чыгып кетти. Ал күнкүсү ал. Эртеси түш оой чабандарга жүк жеткирген күйөөсү тоодон кайтты. Күнөөлүү кишидей уулунун бетин ачып жүзүнөн сүйө берейин дегенде энеси андып отургандай кирип келди.

— Ики, тигини карасаң. Эмеле ата боло калдыңбы? Андай кыйын экенсиң, тууп салганда эмне барбайсың ыя? Ушу сенин азабыңдан бир ууч болуп карып бүттүм. Мен айткан тиги Асандын кызын алсаң, «Күндүк өмүрүндө түшүгүңө жорго минмексиң, койчу кайсы бирин айтайын» деп чыгып бара жатып уулуна телмире тиктей карады. Бул «айтуучуңду айтпайсыңбы» — деген белги экенин келини дароо түшүндү. Бирок бир топко сөз айталбай кыйылды. Бир оокумда гана Назира:

— Кана Болот, үйлөнгөндөн бери мен энең экөөңөргө кай жерден жаздым? Ал сенин энең болсо менин да энем. Эмне унчукпайсың? — деп ызалуу бакырып алды. Күйөөсү унчугуп сүйлөй албады. Ортодо алсыз кышкы чымын эки адамдын дилин бир булакка кошо албаганына ардыккансып, терезеге соктугат да кайра тартат. Тээ кыйлада гана башын көтөргөн күйөөсү араң сүйлөдү:

— Кечир Назира. Менин энемден башка эч кимим жок. Ал кишинин айтканы айткан — деп ойун жыйынтыктап койгонсуду. «Бүттү» — деди жаш келин ичинде. Эми ал бул үйгө ашык баш болбой кетиши керек. Акыркы ишеничи өз канынан жаралган уулунда эмес беле. Ал ушуну аяйт де ойлогон. Көрсө жаңылган экен. Эптеп кана аялдын үстүндө желгенди билген эркек гана тура. «Тагдыр буюрбаган үйгө байланып керекги не?» деди да акыркы ирээт күйөсүнө тике карады. Аялынын бул көз карашы желкесин көзөп өткөнсүп ал жалактай түштү. Колуна оролгон баласын көтөргөн жаш келин эшикти ачып коюу түнгө сүңгүдү.

5

Чайырдай илээшкен өткөн күндөрүнүн элестеринен, бирин серин жылтылдаган оттору күйгөн айылга жете бергенде гана арылды. Түн жарып абалаган иттер «Бүгүн бизге да кудайы конок келди» дешкенсип тосуп алышты. Түнкү бороон дымыгып басылып бара жатты. Колуна уулун аяр кармаган келин бала күндөн тааныш дарбазанын эшигин какты.

*1998-жыл Балкычы шаары.*

## КӨКТӨМ СЫРЫ

*(новелла)*

Сыртта жаз. Жер көөп, көк чыккан учур. Тоо тараптан сыдырым жел жортуп, жашоого болгон кумарыңды арттырат. Таноо кытыгылаган көктөм жыты өмүрүңдү дагы бир жашка жашарткансып демиңе дем кошот. Кечээ өз айылыма келип бүгүн терезе көк жашаңга чулганган тоолорго көз салып отурдум. Ошол тоолордо менин балалыгымдын күндөрү өткөн. Эртең ошол тоолорго сапар тартам. Көл кылаасын мекендегениме он жылдан ашуун болду. Дегеле кай жерде жүрбөйлү туулган жердин элеси көз алдыңдан кетпейт тура. Дагы эле тоолорго тигилем. Май айынын ошондой бир учурунда ак сүйүүнүн даамын татып делөөрүткөн албуут жаштыктын тизгиндетпеген асыл сезимдери менен алпурушкан бир окуя түбөлүк эсимде калды. Ал көктөмдүү жаздагы өзүнчө бир сыр эле.

2

Онунчу классты аяктап акыркы коңгуроону да тосуп алдык. «Эртең классташтар менен тоого чыгабыз» дешкен балдарыбыз өзүнчө эле сүйүнүп жүрүштү. Күн уясына сапар тартып, барган сайын көз байлаган караңгылык кирип келди. Асман бети жылдызга толуп,

кандайдыр бир тоо тараптан күү-шаа эткен добуш угулгансып, тоо суусу албууттана таштарды агызган учур. Дырылдап учкан саратан үндөрү айланага кандайдыр бир жүрөк сырын козгогон күү тартуулап тургансыды.

Ар кайсы жерден бирин-серин созолонтуп үргөн иттердин үнү бобосо айлана тынч. Бейкут көчөдө аяр басып келе жаттым. Махабаттын үйүнө жакындаган сайын жүрөгүм түрсүл кагып, аягым тушалгансыйт. Алардын үйүнүн жанындагы топ бакка жакындай бердим. Терезенин жарыгы күйүп, тартылган пардадан элдир-селдир кишилердин карааны көрүнөт. Саат болжошкон убакыттан бир кыйла өтүп кетиптир. Бир маалда жарык өчүп эшик кыйч деп ачылды да, биреөнүн жеңил басып келе жаткан дабышы угулду. Жакындай берди. Ошол экен. Кол кармашып, калың бакка ыктадык. Ал да менден тартынгансып, өз боюн аяр кармап, уялыңкы жылмаят.

— Ошентип жөнөп жатам дечи.

— Ооба, бүрсүгүнү биринчи автобус менен жөнөймүн. Өзүңчү?

— Мен быйылча окууну токтото турам го. Апам оорулуу болуп калды. Каралашпасам болбойт го.

— Атаганат экөөбүз бир жөнөгөндө сонун болбойт беле.

— Эмне кылам? Шарт ошондой болуп калды.

— Кантсең да, колуңдан аккордеонуңду түшүрбөй бир обонуңду мага тартуулаарсың — деген Махабат жакындай колун ийиниме койду. Мен өзүмдү ичимдеги ташкындаган күчкө алдырып ийдим да, белинен кучактап өзүмө тарттым. Жеңил денеси кучагыма оролуп, тирсийген көкүрөгү ийинимди ныгыра кандайдыр бир эңсөөмдүн отун тутандырып ийгенсиди. Бойтойгон жаш баланыкындай ээрдине ээрдимди кададым. Адегенде денеси бир аз калтырай түшүп, бир аздан кийин көшүлө түштү. Мен талаанын кызгалдагы жыттанган көкүрөгүнөн аймалай бердим. Тээ бир оокумда гана эсине келе түштүбү, шолоктоп ыйлап жиберди. Ошондо айдын жарыгынан ыйлаганда су-

луу боло түшкөнүн байкадым. Ал түнү жылуу коштоштук.

3

Эртеси чыгыш шоокумданып, айлана-чөйрө таанылa баштаганда айыл башына чогулдук. Мен ошондо биринчи жолу Махабаттын теңдешсиз сулуу экенин көрдүм. Гүлдүү көк ала чыттан кийген көйнөгү боюна чыта рап, көкүрөгү көркүнө көрк кошуп турду. Мени көрсө да көрмөксөнгө салып турганы менен, бир маалда иймейген кашын кага «Кандайсың» деп күлгөндө өзүнө жарашыктуу эки ууртундагы кош чуңкуру ажарын ачып жиберди. Түш оой көк жашаңга чулганган тоолорго чыгып бардык. Сапсары каакымга толгон тоонун жантайыңкы бетине оюн куруп кубалашып жүрдүк. Бир кезде бирөө кармап алчудай Махабатты колунан жетелей, коктунун таманындагы суу жээктеп өскөн калың бадалды көздөй жетеледим. Таштан-ташка серпилип аккан көк кашка суунун жээгинде бутубузду сууга салып кыналышып отурдук. колун мойнуна артып ыпысык ээриндери менен көзүмдөн өптү. Андагы аңкыган жыпар жыт мени азгырып, мойнунан жыттадым. Көзү жумула көшүп, улам бекемирээк кучактады. Эки ыйык дене ошо саамда сагыныша калгансып бири-бири менен аяр учурашты.

Баардыгын унутуп ушул лазаттуу дүйнөнүн токтоп турушун тилей бердим. Бир аздан кийин уйпаланган чачтарын оңдоп жан жыргатып көшүп жаткан мени ордуман тургузду. Кызыл-тазыл гүлдөрдөн өрүп башына кийип алган шакекчеси көркүнө чыгарды. Эртеси Махабат шаарга жөнөп кетти. Чаңдуу жолдун боюнда сербейип кала бердим. Кошо кетпегениме ардыгып, ошол күнү кирээли кечке бук болуп жүрдүм. Убакыт билинбей өтө бердим. Махабаттан кат келген сайын көңүлүм өрөпкүп, көөдөн толгон сагынычым тарап калгандай сезилчү. Ойдо болбогон окуя экөөбүздүн сүйүүбүздүн чыңалган жибин чарт үздү. Күзгү суук карандай күчөп, жедеп жеттиккен ооору апамды көтөрүп чапты. Жан айласы кылып көргөзбөгөн дарыгерибиз

калбады. Ошондой бир түнү эти от менен жалын болуп чыдабай чыкты.

Ооруканага жүгүрүп жетип барсам дарыгерлердин отурушунун үстүнөн чыктым. Нөөмөттө турган Махабаттын энеси көзүн аңтара тиктеп бурк деди:

— Катуубу? ага керектүү дарылар да жок. Кудайдын улуу күнү да жөн отургузушпайт. Буюрганын көрөөсүңөр! — дей бергенде төбөгө бирөө чаап жибергенсип буулуга ыйлап жибердим. Апамдын чымындай жаны аман калса экен деп азыр,

«Тилиң менен жер шыпыр» десе да макул элем. Көз жашымды көрдүбү, бир оокумда ыңгырана кол тамырын таппай бишкектеп аябай кыйнады. Дегеле «Өлүп калсам да баарына кайылмын» дедиби ээрдин тиштеген апам үнсүз. Кыйлада барып өз ишин аяктай эшикке жөнөдү. Узатып чыктым. Түн караңгы. Этияттап жол тандап келе жаттык. Бир оокумда:

— Сен бала Махабаттын башын айлантып жүргөндөй сыягың бар. Угуп кой! Анын башы бош эмес! Тектүү жерден кайын күтүп койгонбуз. Ал сенин теңиң эмес! Унут! Энеңдин буту көр оозунда — деп наркага сүйлөдү. Ушул сөздү укканда «Жок сиз эч нерсени билбейсиз. Анын мага деген ыйык сезими таза. Ал экөөбүз бири-бирибиз үчүн жаралганбыз» — деп бакырып жибере жаздадым. Ошентип көп өтпөй түбөлүк тор желедей сары санаага батып калаарымды кайдан билиптирмин. Экинчи курсту аяктагандан кийин күч колдонуп бирөөнүн босогосун аттатышты. Алдамчы, ырайымсыз адамдардын жосунсуз жоруктары көңүлгө зил салды. Мен унута албадым. Эчендеген асыл кыялдар, тумандаган кара ой адамдардын тепсендисинде калды. Ошол бойдон жолугуша албадык. Бирок чагылгандай тийген жанагыдай басмырлоо сөздөр мени чыйралтып, кайра аларга өчөгүш салды. Деген менен аруу сүйүүмдүн алгачкы татымы кээде көкүрөк өрттөйт.

*2003-жыл. Нарын шаары.*

## АВТОРДОН

Аталган китептин чыгымына чоң демөөрчүлүк кылган:

«Аида» фирмасынын башкы редактору Шерманбет Орозалиевге;

«Реносанс» фирмасынын башкы директору Нариман Тулеевге

«Кыргыз темир» ишканасынын кызматкери Бакыт Шааршеевге;

«Арашан» акционердик коомунун директору Жайлообек Алаевге;

«Нарын мамлекеттик университетинин ректору Алмаз Акматалиевге;

Нарын телестудиясынын видео инженери Аблабек Мамыровго;

ОсОО «Мукаш Атанын кызматкери Жаркын Жакыповага;

Уулум Рахманов Айбекке. Кайним Үсөнов Туратбекке терең ыраазымын. Үй бүлөөлөрүмө амандык каалайм.

Сүрөтүн тарткан Автандил Жанбооев.

## МАЗМУНУ


Эненин аманаты . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Тирүүлөрдүн көрүстөнү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 19
Гүл жана элес . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 43
Акыркы чечим (аңгеме) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Бороондогу аял (аңгеме) . . . . . . . . . . . . . . . . . . 48
Көктөм сыры (новелла) . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 56